84Кы
К 55

Кайирбекова Жамиля

# Жүрөгүмдүн ачкычы



2018

Жамиля Кайирбекова

# ЖҮРӨГҮМДҮН АЧКЫЧЫ

*Ырлар*

КАРА-КӨЛ ШААРДЫК
КИТЕПКАНАСЫ
ОКУУ ЗАЛЫ
Инв. № 1437

«Улуу Тоолор»
Бишкек – 2016

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
К 55

*Ушул китепке демөөрчүлүк кылып, чоң салымын кошкон уулу* ***Маратбек уулу Рустамга*** *ыраазылык билдирет.*

**Кайирбекова Ж.**

К 55 Жүрөгүмдүн ачкычы. Ырлар. – Б.: Улуу Тоолор, 2016. – 172 б.

ISBN 978-9967-470-30-9

Автордун бул чакан жыйнагында жаш муундарга бабалардын улуу мурастары, тарбия-насаат мүнөзүндөгү өзгөчө жаштарга өрнөктүү сөздөрдүн түрмөгүн арнаган.

**К 4702300200-16**

**УДК 821.51**
**ББК 84 Ки 7-5**

ISBN 978-9967-470-30-9
© Кайирбекова Ж., 2016.

## АЛ МЕЗГИЛ

Ал мезгил, бала кез ойноп жүргөн,
Апакем «оюн бүттү»,– деп кууп жүргөн.
Ага болбой азгырып «ак терек»,
Алгачкы жеңишибиз биз көргөн.

Ал учур, оюнга такыр тойбогон
Аппак карга тоголонуп ойногон,
Бала station кездин алтындай күндөрү,
Бакыт күндү алыстан болжогон.

Ал убак, чыкпай менин эсимден,
Андагы тентек бала кезимден.
Эстесем күлүп калам, ойлонуп,
Издеп, ал күндү айыл жеримден.

# АПА

Апамды эстеп олтуруп,
Көңүлүм кетти толкунуп,
Кадырын билер экенби,
Балдарың баары чогулуп.

Өстүрүп бизди жашынан,
Болор – деп бала башынан.
Үмүттү эч качан үзбөгөн,
Бактылуу апам баарынан.

Оорубай эсен жүрүңүз,
Ойлонбой дайым күлүңүз.
Ападай болбойт эч качан,
Өмүрдү узак сүрүңүз.

## АЙЛУУ ТҮНДӨ

Айлуу түндө, ак чөлмөк башталып,
Айыл баштан этеги бүт бет алып.
Чогулуп, кыздар-балдар баарысы.
Ат чакырмай оюнда кубалашып,
Асманда жылдыз жарык нур берип,
Алтын балалык өттү кырды ашып.

Айлуу түн кыз жигитке жарашып,
Ак сүйүү бири-бирине арнашып.
Аркан тартмай, жеңилип кыздардан,
Ат салышып, баштан күч сынашып.
Айлуу түндө, оюн көпкө уланып,
Көптөрү, кайтты үйүнө кубанып

## АЛЫСТАП КЕТТИҢ

Жаш белек ысык таркай элек,
Жашайбыз,– деп жүрчү элек.
Бирок, тагдырлар эки башка,
Билбей, ойлонбой жүрчү элек.

Жаштык өтөт, мезгил билинбей,
Жактырып башканы билгизбей.
Ушак, көңүл калуу көп болуп,
Жашап келдик эч нерсе сезилбей.

Сүйүү кыйын баарына карабай,
Сагыныч күнүңдү барктабай.
Жүрөгүм дейсиң го кысылып,
Алыстап кеткениңди байкабай.

## АЛМА БАК

Кирип барсам, сенин алма багыңа,
Кызыл алма шиңгилдеген шагыңа.
Көзүм түшүп, карап калдым суктанып,
Колум барып, үзө албадым батына.

Көкмөк алма, кызыл алма жайнаган,
Күндө бышат, ысыкта да кайнаган.
Алма багы шаңга күндө бөлөнүп,
Ала канат, шакка конуп сайраган.

Алма жыттуу, сенин багың сопсонун,
Ал убакта айтып бүтпөй жомогуң.
Алма багы дайым тартып өзүңө,
Алтын күндү ырлар менен коштогун.

## АТА-ЭНЕГЕ

Ата-эненин угуп насаатын,
Ар дайым коргойлу биз намысын.
Каяша сөз айтып, жанын кейитип,
Кайрып албайлы деймин канатын.

Талыкпай алып, эмгек акысын,
Тарбиясын берип, баккан баласын.
Буйруса, эсен болуп чоңойсо,
Балким, тарбиянын көрөт пайдасын.

Жан дүйнөсү балдарга арналып,
Жаштыгы өтүп жатат ал каарып.
Алкышын айтып бүтө алышпай,
Балдарың турат, кошо тең карып.

## АППАК ЭКЕН КӨЙНӨГҮҢ

Аппак экен, жумшак көйнөгүң,
Артка карап, тезден басып жүргөнүң.
Неге кылчактап эле карайсың,
Бар окшойт сенин сулуу сүйгөнүң.

Көңүлүңө сүйүү ырын түйгөнүң,
Каткырып бийик чыгат күлгөнүң.
Бүт эле сени карап жаткансып,
Бир жарашат аппак кийген көйнөгүң.

Сулуу болуп, жасанып жүргөнүң,
Эң кымбат сенин күлгөнүң.
Ай ааламды, бүт тараптан караткан,
Ал ким болду экен сүйгөнүң.

## АЛЫКУЛ

### 1

Алыкул сен акыны кыргыздын,
Асмандагы топ болгон жылдыздын.
Суурулуп чыктың бейм арасынан,
Сөздөрү курч, укмуштай ырларың.

Жашооң сенин кыйын болуп акыным,
Жаштык кездин өткөрдүң кыйынын.
Күчөп турса дагы көрө албастын,
Андай күндүн жеңдиң далайын.

Которгондо жолборсун Шотанын,
Окуганда мен алтын балыгын.
Андан бетер да сүңгүп кетемин.
Кайталап, ачып китеп барагын.

**2**

Акындар ооруп кетти жүрөгүм ,
Айдай го! Сенин сүйүп күткөнүң.
Айыкпас дартка калсаң чалдыгып,
Алыс кетти, калтырып көңүлүң.

Айтышып, көрө албай ырыңды,
Ачык кимге айтпадың сырыңды.
Ак көңүлүн катпаган, бир сырдуу,
Акылман элиң билет баркыңды.

Таазим кылам, ыйык калемиңе,
Таалайыңа, элге жеткенине.
Тагдырга миң мертебе ырахмат,
Кыргызга Алыкулду бергенине.

## АЛМАШ ЭНЕМ

Алмаш энемдин түгөнбөгөн жомогу,
Адашпастан, айтып жатты көп жолу.
Кээде кейип, кээде күлүп эзилип.
Кадимкидей бала сымал жорӱгу.

Жаркырап, колуна таккан шакеги,
Жасап берген, чоң атамдын белеги.
Чоңойсоң тагам,– деп сенин колуңа,
Чоң энемдин сонун болчу тилеги.

Сүттү тартып, каймак алып тынбаган,
Сүйкүм эне , эл жок сени айтпаган.
Жылуу сөзгө ороп мени чоңойткон,
Жан элең, чоң энем менин балпайган.

## АТАКЕ

Атаке, оорубаңыз ойго чөгүп,
Андан көрө неберeгe көңүл бөлүп.
Каткырган күлкүсүнө шерик болуп,
Катарында жүрүңүз өмүр сүрүп.

Тагдырыңыз ачык, сөздөргө чечен,
Таалим айткан, уул-кыздарына нечен.
Жашообузда ордуңуз тоодой бакыт,
Жүрөгүндө кири жок, койну кенен.

Жүзүңүздөн жылуу сөздөр кетпесин,
Жаман ойлор, сизден алыс четтесин.
Жүздөн ашып, узак сүрүп өмүрдү,
Жаштык күнүн атам айтып эстесин.

## АСМАН

Бийиктесиң, асманым кол жетпеген,
Бутум жерде, оюм сага жетелеген.
Түндөсү асман тиктеп, жылдыз карап,
Түбөлүктүү сенин жашооң миңдеген.

Көк асман , бийик келесиң булуттан,
Көп ойлоп, башта сага буулуккам.
Тагдыр ээси жазганына кайыл болуп,
Таарынып, сүйгөнүмдү мен унуткам.

Айы бар, күнү бар, асман бийикте ,
Ачык билсем, сүйсөң анда кечикпе.
Сүйүүбүз узак болуп , көктө турсун,
Сүйбөгөн адамга кыйналып кезикпе.

## АЙЛУУ ТҮНДӨ

Асманда жылдыз көрүнүп,
Адеп күттүм сени көгөрүп.
Айлуу түн сырдуу түн белең,
Ан сайын кетпейм өчөшүп.

Караңгы түнгө бөлөнүп,
Дарактын түбүнө жөлөнүп.
Сөзүмдү угуп жаткансып,
Дартымды айтам сүйөнүп.

Караңгы түндү жамынып,
Көзүмдөн тамчы агызып.
Айлуу түндө өзүм жалгыз,
Олтурам сени сагынып.

## АЙТЧЫ

Айтчы, сырыңды жашырбай
төгүп салчы,
Алдабай, чындыкты өзүң
айтып салчы.
Ушул күндөрдү бекер узак ,
өткөрбөй,
Ачык сөзгө келели деп
айтып салчы.

*Кайырма:*
Үмүттү мен да үзөйүн ,
Умтулуп сени күтпөйүн.
Бирок, сөзгө алданып,
Кайрадан сен деп жүрбөйүн.

Кыйнап өзүңдү кармабай
кетип калчы,
Күтүп жүргөн сүйгөнүңө
барып калчы.
Жаштык күндөр өтүп кетет
билинбей.
Жашоодо жетип, бактыңа
кетип калчы.

*Кайырма:*

Үмүттү мен да үзөйүн ,
Умтулуп сени күтпөйүн.
Бирок, сөзгө алданып,
Кайрадан сен деп жүрбөйүн.

Айтчы, сен бардыгын азыр
айтып салчы,
Ар шылтоону айта бербей
кетип калчы.
Алтын күндөр, сонун күндөр,
ушул убак.
Арман эмес, жолдор ачык,
кетип калчы.

КАРА-КӨЛ ШААРДЫК
КИТЕПКАНАСЫ
ОКУУ ЗАЛЫ
Инв. № 1437

## АЙЫЛЫМ

Туулуп өскөн менин сулуу айылым,
Турат го суу жээгинде кайыңың.
Эч качан чыгарбайм сени эсимден,
Кайда жүрсөм да билгизбей дайыным.

Бала болуп чоңойдум мен өзүңдөн.
Бактылуу апамдын угуп сөзүнөн.
Кулпунган көпөлөккө жете албай,
Кетти эле от чагылып көзүмдөн.

Теңир колдоп, айылым этегинде,
Тунук аккан суу бар жол четинде.
Шагын көтөрө албай мөмөлүү,
Ушундай айыл барбы жер бетинде.

## АЙТЫЛБАГАН СЫР

Айлар өттү, жылдар өттү арадан,
Алтыным сен кетпедиң санаадан.
Айтылбай ичте калган сырымды,
Айткым келет, сулуум сага кайрадан.

Көрүшкөн кезде ошондо жаңыдан,
Сүйүп калган элем сени баарынан.
Сен билбедиң, жок дегенде сезбедиң,
Жакын барып өтсөм жанындан.

Айтылбай калган сырымды чечейин,
Аз болсо да кадырыңа жетейин.
Чындап эле сүйдүм сени алтыным,
Ишенбесең курман болуп кетейин.

## АЛТЫНЧЫ РОТАНЫН БАЛДАРЫ

Тез туруп таңда кийинип,
Катарга туруп тизилип.
Келгенде кирип офицер,
Айтабыз салам берилип.

Алтынчы ротанын балдары,
Алгачкы кадам басканы.
Мекеним үчүн аянбай,
Мөөнөтүн өтөп жатканы.

Жүрөгүмдүн алтын ачкычы,
Журтумдун болуп башчысы.
Элиме кызмат кыламын.
Мекенимдин болуп сакчысы.

*Кайырма:*

Айтылып жаткан девиз.
"Алтынчы рота" – дейбиз.
Колумду коюп жүрөккө,
Мекеним, жерим дейбиз.

## БАЛА КЕЗ

Жакшы экен бала кез секелек,
Жарышып биз гүлдөр терчи элек.
Кызылбы, сары, жашылбы,
Жыпары эч бир эстен кете элек.

Көк асманга колуңду булгалап,
Көпөлөктү сен артынан кубалап.
Улам чуркап сага жете албай,
Бара жаттык көк шиберди аралап.

Кыштын күнү ызгаар беттен алат,
Кандай оюндар бизди азгырат.
Болду! тоңуп калдың – деп,
Болбой апам үйгө чакырат.

## БИР СҮЙҮҮ

Бек кучактап олтурсаң да кучагыңда ,
Берилип сүйө албайсың чындыгыңда.
Эске түшсөк күнүмдүккө эмес түбөлүккө,
Эзилет жүрөгүм, жалындаган чагында.

Жанашып жанымда жакын олтурасың,
Мен дагы сүйөм сени абдан жагасың.
Бирок, дагы ойготуп сүйүү сезимин,
Бир мен үчүн өзүң өмүр арнабайсың.

Кээде сөздөрүң мас кишиге окшоп,
Оюңда аны таттуу сөздөрүң коштоп.
Жүргөндүрсүң табышмак сырдуу болуп,
Жаш баладай эркелеген тилиң коштоп.

## БИЛЕСИҢБИ

Билесиңби дейм дартты сүйүү деген,
Канчалык сени сүйүп калган менен.
Кантем анан сүйбөсөң мага окшоп,
Көңүлдөр чөгүп, күн түн ойлор менен.

Сени сүйгөн күндө менде уйку жок.
Сен сүйбөсөң жалынууга акым жок.
Мынчалык сынайсыңбы? Анда мейли,
Сызылган ичтеги жалын кызыл чок.

Мынча неге сөз таппай эстен тандым,
Мени аячы, ойлонтпочу о жаным.
Жаштыкта, сүйүүдө уят болбойт беле,
Жашырбай болгон сөздү айта салдым.

## БИР КЕЗДЕ

Бир кезде мени сүйүп мени күткөн
жан кубатым
Бүгүн негедир, сени эстеп, чексиз
ойго баттым
Жүрөгүмдү ээлептир сенин кара коюу
көздөрүң
Бир кайрылып келчи , жан дүйнөм
ырахатым.

Көзүңдүн жашы таңкы жааган
шүүдүрүмдөй,
Көңүлүң чыдабай, жалгыз мени
күткөндөй.
Неге ыйладың, айтпадың жашың төгүп,
Кантсе дагы арабызды ушак бөлгөндөй.

Жүрөгүмдү өзүң жалгыз ээлеп
калыптырсың,
Жашоомдо сен гана сүйүү арнаптырсың.
Жүрөк ооруйт, олтурсам кечке
сени ойлоп,
Жароокерим, кайдасың? жолуңдан
тосуп чыгайын.

## БАР ЭКЕН

Сенде эле сүйүү жүрөк бар бекен,
Менде деле сүйүү жүрөк бар экен
Жандап кетсең башка бирөөнү,
Мени сүйгөн жигит гүлү бар экен

Жандап кетсең татына бирөөнү,
Жашына карабай бир аз улууну.
Жароокер, кымбат жигит бар экен
Жок дегенде тосуп турган жолумду.

Сен сүйсөң, мен дагы сүйөм бирөөнү,
Ар бир адамга керек го түгөйү.
Арбалып көңүлүң кетсе башкага,
Бирөөнүн бол өмүрлүккө сүйгөнү.

## БУЛ СҮРӨТ

Бул сүрөт, кичине бала кезим,
Эч нерсе ойдо жок, таза сезим.
Ата-эне тилин угуп, токтоо,
Акылга толуп турган кезим.

Бул сүрөт менин жаштык кезим,
Супсулуу жигитти сүйгөн кезим.
Аппак көйнөк, ичке белим,
Ак сүйүүгө кабылган кезим.

Бул сүрөт, турмуш күткөн кезим,
Бүт сырымды мен айткан кезим.
Бакыт эмес, бардык ширин сөз,
Билбей муну бирге түшкөн кезим.

## БАЛАПАН БАЛДАР ҮЧҮН

Балапан чыгалбай уядан,
Жашынат катуу шамалдан.
Жем издеп кеткен энеси,
Жол тартып келет алыстан.

Чымчыктар өтсө тушунан ,
Чырпыктын түшпөй учунан.
Учууга кылып аракет,
Чырылдап турат балапан,

Канатын күүлөп шамалга,
Кубаныч айтат ааламга.
Чымчыктай болуп чоңоюп,
Балапан конот багыма.

## БУЛАК СУУСУ

Суу алып жатсам булактан,
Сулуу ойлор келди каяктан.
Эстеп кетип, сүйгөнүмдү,
Сени издедим бул жактан.

Суу булак, өйдө тараптан,
Сүйүүмдү эстеп бараткан.
Башымда ойлор миң ирет,
Сүйүүм артып, сени сагынткан.

Булак суусун ичип жаттым,
Бүт сырымды кимге айттым.
Туш тараптан сени издеп.
Табалбай өзүңсүз кайттым.



Биринчи мугалим Тыналиева Алмакан

## БИРИНЧИ МУГАЛИМ

*(Тыналиева Алмаканга)*

Алиппенин биринчи барагы,
Ал эжекемдин болчу сабагы.
Ээн баш болсок дагы өжөрлөнүп,
Эч качан бүркөлбөгөн кабагы.

Тамганы «А» дан баштап үйрөткөн.
Талыкпай окуу менен күн өткөн.
Бир билсек, бирде билбей тамганы,
Биз элек эжекени жүдөткөн.

Алиппенин акыркы барагы,
Ал эми кыйын болгон сынагы.
Эч качан бул дүйнөдө өкүнбөйм,
Эжекем жашоомдун сен чырагы.

## БИЛБЕЙ ЖҮРӨМ

Ар күнү нурун чачып, таңдар атат,
Ар дайым өмүр деген өтүп жатат.
Күтөмүн, кимди сүйүп билбей жүрөм,
Алтыным мени оюм сенден алыстатат.

Жазда келет, мезгил убак алмашып,
Жүргөн кезде сен башкага жанашып.
Күтөмүн кимди сүйүп билбей жүрөм,
Калбасам да бул жашоодон адашып.

Шекер сөзүн башкаларга арналып,
Шашып барат жаштыгым артта калып.
Күтөмүн кимди сүйүп билбей жүрөм,
Кымбатым, өзүң менден алыс калып.

## БӨБӨГҮМ

*(Уулум Адисламга)*

Каралдым татынакай бөбөгүм,
Жашоодо сенсиң менин жөлөгүм.
Сүт таппай, мени издеп ыйласаң,
Садагам ооруп кетти жүрөгүм.

Тынбайсың нары-бери жөрмөлөп,
Тың алып, турамын – деп өйдөлөп.
Карап туруп ичим эзилет,
Туш болсун тагдырыңа бак дөөлөт.

Апа деген тилиңден айланып,
Ар дайым өмүр тилейм жалбарып.
Азамат болгун элге жараган,
Ата-энеңди күндө кубантып.

## БАЗАРЧЫ КЕЛИН

Базарчы келин, сатып алмасын,
Бурулуп карап коёт таразасын.
Дыйкандын сатып алган колунан,
Дүңгүрөп көрүп жатат пайдасын.

Базар күнү болуп ишембиде,
Барктуу келини келет кечинде.
Түйшүктөн чарчаганын билгизбей,
Тамаша сөз аралаш кебинде.

Базарда сатылат бүт бардыгы,
Бадырак, мөмө жемиш жашылы.
Бирок дагы турмушта билинбей,
Келиндин өтүп жатат жаштыгы.

## БАКТЫЛУУ КҮНДӨР

Бактылуу күндөр көп болгон,
Баркыбыз көпкө бар болгон.
Жаштыктын өткөрүп далайын,
Жетсем сага – деп жаш толгон.

Айтылуу сөздөр көп болгон,
Ага-тууганым, дос коргон.
Бактыбыз бийик көктөмдө,
Жаңы талга чымчык конгон.

Бардык күндөрүм бактылуу,
Бал, ширин сөздөр айтылуу.
Арасында жүргөн бакыт,
Балдарым менен таалайлуу.

## КЫРААН ЖИГИТ

*(лирик акын, обончу Бек Борбиевге)*

Жакшылык тилеп баарынан,
Жаңыртып ырың кайрадан.
Таңдан кечкедир угамын,
Жазыңыз дагы жаңыдан.

*Кайырма:*

Сулуу десем сулуусуз,
Улуу десем улуусуз.
Бүт дүйнөдө жакшылык,
Баары сизге буйрусун.

Талантты берген кудайым,
Колдосун элим ылайым.
Кайда жүрсөң эл аралап,
Кол чабуулар болсун ар дайым.

*Кайырма:*

Кыргыз элдин сыймыгы,
Кыраан жигит чыныгы.
Обонуң турсун жаңырып,
Ордолуу шаардын жылдызы

Кандай гана обондорду жазасыз,
Көңүл отун бир өзүңө тартасыз.
Ушунчалык кубат берип жүрөккө,
Сүйүү ырын, фонтан кылып чачасыз.

*Кайырма:*

Токтогулдун кулуну,
Топ таланттын тунугу.
Ырахат тартуу кылган,
Ырчылардын булбулу.

## ГҮЛДӨРДҮН СУЛУУСУ

Эми кантип билемин аныгын,
Эң эле сөздүн айтсам ачыгын.
Ким болду экен гүлдөрдүн сулуусу,
Табалбай, карайм бирден баарысын.

Фиалка мени койсо каратып,
Лилия менен ландыш гүл талашып.
Гүлдөрдүн сулуусун издеп табалбай,
Калды окшойт башым айланып.

Түрлөрүн үзүп албай сыясын,
Кызыгып, жыттап турам сарысын.
Чындап эле байкабай жүрүпмүн,
Гүлдөрдүн сулуу экенин баарысын.

## ГҮЛДӨР

Кайсы гүлдү барып жыттайын,
Кандай гүлдү алып кармайын.
Көп түстө өскөн жайкалып,
Кайсы бирин сага арнайын.

Астра мени көрчү мени дегенсип,
Көкмөк сыя гүл аны сезгенсип.
Башын ийип анча назданат.
Бизге алыстан ал келгенсип.

Жыпар гүлдөр күндө ачылып.
Жытына бизди мас кылып,
Көздүн жоосун алат каратып.
Жол четинде шиңгел ыргалып,

*Кайырма :*

Гүлдөр назик болушат,
Көпөлөктөр конушат.
Көп кыздарга супсулуу,
Жигиттер гүл сунушат

## ГҮЛКАЙЫР

Өсүптүр, алыска боюң бийиктеп,
Өзүңдүн астыңа келдим эмнеден.
Гүлдөрүң аппак экен шурудай,
Өзүңө жакын болдум кетпестен.

Гүлкайыр сулуу болуп ыргалып,
Гүлүнөн жаштар өтөт жытташып.
Көргөндө сулуу болуп каласың,
Каректер баары сени карашып.

Бажырайган гүлүңдөн көз албай,
Басып көпкө турдум кете албай.
Гүлкайыр мынча тарттың өзүңө,
Жүргөндө ак сүйүүмө жете албай.

# ДЫЙКАН

Таң эрте, кетмен, күрөгүн алышып,
Тезден басат, эмгек менен жарышып.
Чоң эне жүрөт чакырып баласын,
Чоң жардам, арыкты койсо чабышып.

Баба дыйкан эмгектенген талаасын,
Буудай, тааруу, эгип койгон баарысын.
Ысыгына күйүп суукка чыдаган,
Бул дыйкандар узак жашап карысын.

Эгин талаа, коон дарбыз айдалган,
Ээ бербей, жол чети шибер жайкалган.
Топуракка колу бир аз жарылып,
Эмгегинен баба дыйкан байкалган.

## ЭНЕЛЕР

Эненин жүрөгү таза супсулуу,
Эртеден айткан сөзү жыпжылуу.
Баласы үчүн канаты кайрылган,
Элибиздин сөзү туура айтылуу.

Билеги эненин назик колунан,
Баласын тосуп чыгат ак жолунан.
Сөз кайтарбай, ар убакта сыйлайлы,
Бул дүйнөдө эне кымбат баарынан.

Жашоодо, кандай күндөр бар эмнелер,
Жаныңдын жарымы алтын энелер.
Ак сүтүн актайлы, кымбат балдары,
Бул өмүрдө, бул көктөмдө бир келген.

## ЭМИ КИМГЕ АЙТАМ

Мен эми кимге айтам,
Ичтеги бук сырымды.
Мен эми кимге жазам,
Жүрөктөгү ырымды.
Сен эми алыстасаң,
Сагынычка багынам.

Мен эми кимге айтам,
Койнумдагы сырымды.
Мен эми кимге жазам,
Сезимдеги ырымды.
Сен алыстап кеткенде,
Сагынам айтсам чынымды.

## ЭСТЕЙИНЧИ

Өткөн күндөрдү эстейинчи,
Өкүнүч кайгыны билбейинчи.
Өрттөнүп, ич күйүү сезим менен,
Өзүңдү эч кимге бербейинчи.

Ойгонуп төшөгүмдөн турайын,
Ойлонуп сага көңүл бурайын.
Кызганыч пайда болгон сезимди,
Кууп салып, өзүң жака барайын.

Өткөн кезимди эстеп жатамын,
Өчөшкөн ал кездерге капамын.
Бирок да ичим күйүп тызылдап,
Бир сени ойлорума катамын.

## ЭЙ МЕНИН ТУЗАГЫМ

Эй менин асылым жүдөгөн,
Айтасың сөздү адам күтпөгөн.
Араздашып неге турасың,
Адам барбы көңүл чөкпөгөн.

Эй менин кымбат адамым,
Эртелеп айткан саламым.
Жаман айтып турсаң дагы,
Ээ бербей сага барат кадамым

Жаман сөздөн кыйла жададым,
Жаман беле менин жамалым.
Кол шилтеп жаман сөзгө,
Жакшы күндү далай кааладым.

Эй менин тунугум укпаган,
Жашоо өтүп, күндөр улаган.
Жаман сөзгө жаның кейитип,
Жандар бар бекен үн катпаган.

Эй менин таңдай жарыгым,
Ай менен күндөй тагдырың.
Айта берип бир сөз кайталап,
Анык билдим тескей кыялың.

Эй күнүм таңда нурун чачкан,
Эптүү сүйлөп көңүлүн ачкан.
Жаман сөздүн жообун угалбай,
Жадап кетип бурулуп кайткан.

Эй менин жашоодогу тузагым,
Жарыктын каалайм сага узагын.
Жаман айтып анда тирелбей,
Жакшы сөзгө күндө суусагын.

Эй менин бийиктеги асманым,
Эстечи өткөндө жаштыгым.
Эми бир пикирге келе албай,
Эң эле ылдыйбы маанайың.

Эй менин күйүп турган чырагым,
Кээде сыр айтканда ынагым.
Капа сөзгө маани бербеген,
Күндө ачык менин маанайым.

## ЭРКЕ СҮЙҮҮМ

Алмалар гүлүн төгүп жатканда,
Алыстан өзүң келип калганда.
Эрке сүйүүм мени уктатпачы,
Ак сүйүү жүрөк нурун чачканда.

Көңүлүм сага түшүп калганда,
Көп күндөрүм өтүп ааламда.
Эрке сүйүүм уйкумду бузсаңчы,
Эркелеп мен жаныңда турганда.

Сөз баштап, сен жөнүндө айтканда,
Сүйүүлөр ашып ташып жатканда.
Эрке сүйүүм тынчтык бербечи,
Ээлигип сени менен калганда.

Аппак жамгыр нөшөрлөп жатканда,
Ачылып ак көңүлүм калганда.
Сен мени ойготчу эрке сүйүүм,
Сезимдер оту кайра жанганда.

Жүрөктө сүйүүм жанып турганда,
Жакшы сөз, ашыгам сени укканда.
Эрке сүйүүм өзүмдү азгырчы,
Жаштыгым менден кетпей турганда.

Асылым жакшы сөз айтканда,
Ашыгып сага сүйүүм калганда.
Эрке сүйүүм мени жалгыз калтырба,
Экөөбүз бирге болуп жатканда.

## ЖАШЫРБА

Көңүлүң жоктой өзүңчө,
Кайталап сөзүң көбүнчө.
Жашырбай айтчы чыныңды,
Жактырдың кимди өзгөчө.

Кабагың салып күнүгө,
Күйүткө түшүп өзүңчө.
Сырыңды айтчы жашырбай,
Сагындың кимди өзгөчө.

Капа болбо, мен да билемин,
Кыйнабай сага жол беремин.
Кете бер чыгып тартынбай,
Ак сүйүүнүн ачып эшигин.

## ЖАЛБЫРАКТАР

Жалбырактар шамалга дирилдеген,
Жүрөктө сүйүүм сага билинбеген.
Жанашып бара жатсаң башка менен,
Жабыркайт менин сүйүүм сага деген

Сааттар жылып күндөр ай билинбеген,
Сүйгөнүм толкун болуп сезилбеген.
Алыстап кетсең дагы менден узап,
Сагынган күндөрүмдү билдирбегем.

Көп жылдар өтсө дагы эскирбеген,
Көз салып карегимден кетирбегем.
Колун кармап кетсең дагы башкага,
Кадимки сүйүүм артат сага деген.

## ЖАЛГЫЗ САГА

Кара-көзүм кирпиктерим ийилген,
Кара кашым анча мынча чийилген.
Айта берип, жаза берип сөзүмдү,
Анык сүйүүм жалгыз сага билинген.

Жүрөгүмдө бүткүл сырым катылган,
Ырларым да сен жөнүндө жазылган.
Капа болуп турсам деле таарынып,
Сенин атың угуп кабак ачылган.

Чачтарым бир аз артка таралган,
Чынын айтсам өзүм сени сагынгам.
Жашоодогу менин бакыт күндөрүм,
Жалгыз сага мен өзүмдөн арналган.

## ЖЫЛДЫЗ

Асманда жылдыздар жаркырап,
Асылым, сени күттүм жол карап.
Төрт күнүң, төрт айга созулуп,
Ан сайын үмүт үзбөйм, кун санап.

Асманда жылдыз нурун төккөн,
Ашык үчүн канчалар жашын төккөн.
Келе албадың алыстан жол тартып,
Арабызды, мүмкүн тагдыр бөлгөн.

Жылдызга теңеп койдум өзүңдү,
Жолуң карап, албадым көзүмдү.
Буйруса, бир күнү кирип келерсиң,
Жол караган унутаармын күнүмдү.

## ЖАЛБЫРАК

*(рэп балдар үчүн)*

Сары түстө жалбырак,
Сагынтасың батырак.
Таңда туруп чогултсам,
Үшүп кетем калтырап.

Күздө түшкөн жалбырак,
Карай берем жалдырап.
Кыш келгенде кар басып,
Көрүнбөйсүң батырак.

Жалбырактар күбүлүп,
Жанымда турат үйүлүп.
Кармап алып колума,
Жанынан чыкпайм сүйүнүп.

## ЖҮРӨГҮМӨ

Черимди бүгүн жазайын,
Чынымды сага айтайын.
Сүйүп калган жүрөгүмө,
Сүйүүнүн гүлүн тартайын.

Буулугуп мен да турбайын,
Бактылуу сөзүң угайын.
Жанашып турсаң жанымда,
Жылдыздай болуп жанайын.

Черимди бүгүн жазайын,
Чындыктан такыр качпайын.
Сүйүп калган жүрөгүмө,
Сени тартып алайын.

## ЖАҢЫ ЖЫЛ

Кел жаңы жыл, келе турган убагың,
Келсе экен – деп эшик ачып турамын.
Бере көргүн бейпил тынчтыкты,
Пейилиң кең, мен ушуну сурадым.

Бурганактап себелесин аппак кар,
Бутубузга илешпесин баткактар.
Булганбасын, бузулбасын жер бети,
Бул дүйнөнүн касиетин сактап кал.

Жашыл арча, аппак карга оронгон,
Жарашып, жылтыр менен коолдолгон.
Айлана – чөйрө, ыр – бийге бөлөнүп,
Жаш сулуу, жайыраак жүрөт койкойгон.

## ЖАШ КЕЛИН

Эмнегедир жаш келин кыялданат,
Эмки сөз кезеги мындай башталат.
Чындап сүйүп калып бир бай жигит,
Эмне кылаарын билбей башы айланат.

Бир күнү жолуң табат, ойго батып,
Бак чиркин десе ойлорун чубатып.
Кандай сөздөр айтылып жатты дейсиң,
Көңүл отун ого бетер арбатып.

Сүйөт экен, сүйүү үчүн зарлады,
Сүйүү жүрөк эч бир тынч алалбады.
Чынында жетпей келин кудурети,
"Сени сүйдүм" – деп өзү айтып салды.

Жаным, жолукса экен,– самачы,
Жолукканда жылдыз көзүң карачы.
Ушунчалык ырахат балын татып,
Жалооруп бир өзүңөн айланчы.

Убакыт болсо күндөр өтө берди,
Убайга түшүп келин жүрө берди.
Көргөндө көзү тойбой жигитке,
Жигит болсо сүйүү жообун бербеди.

Бир күнү чолпон жылдыз таңында,
Жигит олтурат келин жанында.
Таң калып эмне болду дегенче,
Айла барбы ак сүйүү илебине.

## ЖҮРӨК СОГОТ

Жүрөк согот, улам тынбай тамыр кагып,
Жүрөм, таңда кечте сени ойго катып.
Күчтүү ырлары Омордун сага окшоп,
Жазарга сөз таппай турам ойго батып.

О, сүйүү падышасы, уксаң үнүмдү,
Ойсуз кылсаң болбойбу күнү – түнү.
Өзгөчө, жанга жакын, сүйгөн адамым,
“Ордолуу шаар”, – деп билсе менин
сүйүүмдү.

Көзүң карап тургум келет эмнегедир,
Керек болсо, бул дагы бизге керектир.
Жашоо сырларын чечүү кыйын экен го!
Каректеги сүйүү оту бир себептир.

## ЖАМГЫР

Жамгыр жааса, ак жаанга айланып,
Жаш сулуу. Бара жатты жай басып.
Карачы, кандай сонун табийгат!
Жаш жүрөктү ээликтирген ой басып.

Жаанда калган. Кыздын ичте сырлары.
Жүрөгүнөн жазып жаткан ырлары.
Жаштык учур, өзүнчө эле кыялкеч,
Жактырып, кыйнаган сүйүү буларды.

Жашоонун ар убак күйүп чырагы,
Жигиттин сулуу кыз болуп ынагы.
Жамгыр жааса, ак жаанга айланып,
Сүйүүнүн эң бир сонун бул бир жагы.

## ЖАШ ЖИГИТ

Жаш жигит, жүрөгүмдү козгодуң,
Жакын келип ойлонбо, - деп койбодуң.
Арнап жазган сага ырымды,
Билбеймин эмне, - деп ойлодуң.

Көңүл чиркин сага берилип,
Күндөн күнгө сүйүүм сезилип.
Эмне болуп эле мен баратам,
Жолукчу өзүң мага бир келип.

Жактырам сенин кара көзүңдү,
Жарашып, кийимиң өзүңө.
Кантсе, дагы мен уга албадым,
Жаш жигит сенин бал сөзүңдү.

## ЖООКЕР ЫРЫ

Мекенимдин эркин талаасы,
Мен кыргыздын жоокер баласы.
Күзөттө турсам ГЭС терде,
Мелтирейт, тоолор, суу, абасы.

Ар убакта коргоп жергемди,
Чолпонбай сүйгөн мекенимди.
Коргоймун душманды жолотпой,
Ак калпактуу кыргыз элимди.

Орундалып, элимдин тилеги,
Желбиреп Кыргызстан желеги.
Жанын аябаган силер үчүн,
Жоокер уулуңардын белеги.

## ЖАШТЫК

Жаштык экен, эч нерсени ээлебеген,
Жаңылам, – деп бүт жакты эч билбеген.
Жалыны бар, жаштык убак мезгилдин,
Жаман ойлор эч убакта келбеген.

Жакшы достор, курбуларым кел деген,
Жакшы сөздөр, угуп жаттым миң деген.
Кээде, жаман болуп кетип кыялымда,
Капа сөз уктум, курбумдан канча деген.

Жаштык учур, өзүнчө от жалындай,
Жашырбай бүт сырыңды сен айткандай.
Туура эмес болуп калып баардыгы.
Жолун улап, кайра артка кайткандай.

## ЖАМГЫРДА

Жамгыр жаап, таңга дейре басылбай,
Жүргөн кезде көңүл деген ачылбай.
Сейилдеп, мени менен бир басып,
Сүйүүңдү, койдуң бирок, айта албай.

Жаанда сонун, бир баскан күндөрүң,
Жагымдуу айтып бүтпөй сөздөрүң
Убакыт өтсө дагы кеч болуп,
Уйку качып, жайдары  көздөрүң.

Жамгыр кечке, жаай берсе басылбай,
Жүргөн чакта сырымды айта албай.
Көпкө турдук чоң жолдо сүйлөшүп,
Жакын турган үйүбүзгө кайта албай.

## ЖАЗДЫН КҮНҮ

Төгөт жамгыр, тынбай жаз айында,
Тынымы жок, түндө, таң атканча.
Үшүп кеттим, оронуп жуурканга,
Татынакай ушул май айында.

Жаздын салкын жел болгон абасы,
Жан дүйнөм, бир да болбой капасы.
Жашыл чөп, кашка тунук суу агат,
Жаз айынын мына ушу чамасы.

Дарактар бүчүр алып калыптыр,
Бутагына чымчык уя салыптыр.
Жаздын күнү бүтпөс жомоктой,
Жазалбай, акын эстен таныптыр.

## ЖҮРӨКТҮН ЫРЫ

Муздар эрип. Күн тийип жатканда,
Мен сени күтүп, таңдар атканда.
Жүрөгүм кээде ыйлап, өкүнөт,
Жаштык менден алыстап калганда.

Жаз да келип, жай болуп калганда,
Жаңы розалар, гүлдөп ачканда.
Жүрөк ыры алыска угулат,
Жашоонун жалын оту жанганда.

Күз да келип, кыш болуп калга́нда,
Кыя албай, сен алыста турганда.
Жүрөк ыры, ааламга угулат,
Жол тартып, өзүң келе жатканда.

# ЖАЙЛООДО

Жайлоодо жапжашыл экен чөптөрү,
Жайында, эс алып чыгат көптөрү.
Кымыздык, ышкындан терип толтура,
Кызыктуу өтөт жайлоонун күндөрү.

Боз үйлөр жакын катардан тизилип,
Барганда келини чыгат ийилип.
Чөбөрө, колуна небере жетелеп,
Чоң эне жүрөт, жайдан керилип.

Ар күнү, салкындап, муздак абасын,
Айтпа, чөптөрдүн ооруугa дабасын.
Кубулжутуп, таңда булбул сайраса.
Кеткиң келбей, ойлорго батасың.

## ЖҮРӨГҮМДҮН ПАДЫШАСЫ

Учурашып, сүйлөшүп келе жаткан,
Узак жолдо, биз экөөбүз бара жаткан.
Эртеңки күндү билбестен сүйлөйбүз,
Экөөбүздү бөлбөсө, – деп жараткан.

Кызыгы, сөздүн көп болуп, сыр айткан,
Кээде, сөздөн сөз талашып сын айткан,
Жашоонун жыргалына бирге батып,
Жашайлы, адам болуп, эл сыйлаган.

Жүрөгүмдүн жалгызсың падышасы,
Жашоо, сен жок, мага кыйын кыскасы,
Ынтымак, ийгилик менен бир болуп,
Элимдин, туура келсин сөз нускасы.

Жылуу сөздөр, жүрөгүмдү жаралап,
Койдуң окшойт жөн эле дабалап.
Өркүндөп, улана берсе жашообуз,
Тагдыр өзү билет, бүт таразалап.

Кантип, жашоо сыноосунан өтөбүз,
Кээде, тамаша сөз айтып күлөбүз.
Өзүң турганда сөзүңө бек болуп,
Өзгөчө жашоодон белек күтөбүз.

Кулпуланган, көңүлүмдүн ачкычы,
Куп жарашат, баскан изиң карачы.
Сүйүүмдүн, жүрөгүмдүн падышасы,
Көп карап, азапка мени салбачы.

## ЖАЙЫНДА

Ысык күнгө чыдай албай жайында,
Ысып кеттим чыгайын – деп салкында.
Көлөкөдө өзүмдү өзүм алдап,
Кечки салкын болот дедим жакында.

Көлдүн суусу, жылуу экен жээгинде,
Келген эл, эс алып кумдун бетинде.
Айлана жайкы күндөргө кезигип,
Кызык күндөр, бүтпөйт көлдүн четинде.

Жайдын ысык болгон күндөрү,
Жакшы көрөт бул мезгилди көптөрү.
Баш бербей, ысык аптап күндөргө,
Жаз айындай, жашыл түстө чөптөр.

## КОЛ ЧАТЫР

Кол чатыр алып жаңыдан,
Бирге бастык жакындан.
Бирок асман түнөрүп,
Жамгыр жаады кайрадан.

Ай, экөөбүздү, коргогон кол чатыр
Ай, экөөбүздү, болжогон кол чатыр

Жаан жааса дагы аябай,
Келе жаттык шашылбай.
Дагы жамгыр жааса дедим,
Ичиме сырдыката албай.

Ай, экөөбүздү, коргогон кол чатыр
Ай, экөөбүздү, болжогон кол чатыр

Сүйүүмө күбө жамгыр,
Жаап жатты дыбырап.
Миң кайталап кулагыма,
Сүйүү ырын шыбырап.

## КЫРГЫЗСТАН

Ала-Тоосу көрүнүп бийиктен,
Аска-зоолуу, тоолуу кийиктен.
Өзгөчө белеги табийгаттан,
Кыргызстан өсүп жатат бийиктеп.

Кыргызстан биздин кымбат өлкөбүз,
Кадырлап, барктап дайым сүйөбүз.
Келечекте куруп бүт ГЭСтерди,
Калың элден ийгилик күтөбүз.

Кыргызстан өз алдынча гүлдөгөн,
Короосунда алма – багы бүрдөгөн.
Келгенде алыс жактан коноктор,
Көрүп эле өзүнчө сүрдөгөн.

## КЫШ КЕЧТЕРИ

Жаап жатса, аппак кар тынбай себелеп,
Жаш жүрөгүм бир өзүнчө эркелеп.
Кардай тунук, сулуу сезим жаралып,
Жаштыгымдан кетким келбейт эртелеп.

Кыштын  сонун, узак айлуу түндөрү,
Кырдаач Аяз, саймалаган гүлдөрү.
Тереземди койгон экен чекмелеп,
Караганда суктандырып көздөрдү.

Аппак карга толгон алма бактары,
Алдыга ийилип ичке шактары.
Купулума толуп ашып төгүлөт,
Кыштын укмуш айтып бүтпөс жактары.

## КЫРК ЖАШ

Кырк жаштын курагы,
Кызыктырган убагы.
Кызыл гүлүм соолбосун,
Кызгалдак түстүү сыясы.

Кызылдан көйнөк жарашып,
Кызыгып аны карашып.
Сени менен бараттым,
Колтукташып бир басып.

Кырк жаштан курагы,
Кутман болсун бул дагы.
Бул жашоого береке,
Өмүрдүн болсун узагы.

## КАРДАГЫ СҮЙҮҮ

Аппак кар жаап себелеп,
Алга үмүт жетелеп.
Кар ыргытсам сен жакка,
Качтың карды тебелеп.

Башта эле сүйдүм эле,
Кар жааса – деп күттүм эле.
Кар чачканым себеби,
Сүйгөнүмдү сездиң беле.

Сулуу жигит жапжашсың,
Сулуу кыздарды тандайсың.
Менин сүйүүм ойлосоң,
Мендик болуп каларсың.

Селким бийкеч бойдоксуң,
Сүйүү сезимдер ойдосуң.
Ак кар жааганда себелеп,
Үйүбүзгө элдер тойлосун.

Аппак кар жаап себелеп,
Алга үмүт жетелеп.
Кар ыргытсам сен жакка,
Качтың карды тебелеп.

Аппак кардай супсулуу,
Биздин жүрөк жыпжылуу.
Кардан болгон ак сүйүү,
Бирге болчу бактылуу.

## КУМУРСКА

Көздөрүңдөн, ичке буттуу кумурска,
Карасам: шашып жөнөп сен жумушка.
Чындап эле бара жаттың токтобой,
Кадимкидей сапар алып узакка.

Кечке дейре эмгек менен тынчыбай,
Кирпиктериң ийилгенин байкабай.
Эх сени, тырышчаагым кичинекей,
Качан болсо, бул мээнеттен чыгалбай.

Жаны тынбай, таңдан кечке жумуштан.
Жаңы үйүңөр курулуп укмуштан.
Жетейин, – деп калыптыр го тоолорго,
Жетсең жетип, ашып кетчи ашуудан.

Чиймеленген жолдоруңдан адашпай,
Чымырканып сен келесиң талыкпай.
Чын жүрөктөн сага таазим кумурска,
Чындап темир, сенин жаның асылдай.

Эмгек менен жүрөгүңдү көрүшүп,
Элдер дагы сени менен ой бөлүшүп.
Көргүлөрү, билгилери келишет,
Кумурсканын жашоо шартын көрүшүп.

Атың сенин сонун экен кумурска,
Ачык айтсам: чыдамкайсың жумушка.
Азык – тамак, таңдан кечке топтогон,
Адатың бар, бек тургандай намыска.

Жолун тосуп, бир кумурска кармасам,
Жумуштан чарчадыңбы – деп сурасам.
Жообу жоктой. Мени жалгыз калтырып,
Жөнөп кетти, көз алдымда карасам.


Бала кез, ойноп күлүп кичинекей,
Бир топ сары түстө кумурсканы тебелей.
Угуп калып "кемең" – экен деп бирөөдөн,
Азыр билсем, койбойт элем тепсебей.

Айтчы, жашырбай сырыңды бөлүшчү,
Алик алып, бир туугандай көрүшчү.
Ак эмгегиң кылымдарга уланып,
Сен кумурска бизди дайым сүйүнтчү.

Жашоого сени дагы эгем жаратты,
Жакшы го деп элдин баарын каратты.
Кумурскадай болсоңчу деп уктабай,
Жаш эне, уулун урушуп баратты.

Кичинекей кумурсканын ыры бар,
Кайталаса жүрөгүндө сыры бар.
Ойготуп, жалкоону ширин уйкудан,
Колун тиштеп, ишке салар түрү бар.

Татаал сенин, чыйрак келип мүнөзүң,
Татынакай экен кара көздөрүң.
Сүйлөй алсаң, айта берчи кыйкырып,
Тартынбай калайын угуп сөздөрүн.



## КАРА-КӨЛ

Кара-Көлдүн калаасы,
Кандай таза абасы.
Эмгегинен баар тапкан,
Элимдин жок санаасы.

Кара-Көлдүн суулары,
Көрчү, балбан уулдары.
Улакчысы Чоң-Таштан,
Тоодо сайрайт улары.


Кайыңды суу дарысы,
Келип ичет карысы.
Суу жээгинде эс алат,
Кара-Көлдүн барысы.

## КЫРГЫЗ ЭЛИ

Кыргыз эли, Ала-Тоону байырлап,
Боз үй тигип, жашап келди чатырлап.
Бүтпөгөн сыйы бар, ашып урматы,
Кичүү болсо, улуу жашын кадырлап.

Кыргыздар, бүтпөгөн байыркы элденбиз,
Көк шиберден, бетегелүү жерденбиз.
Тарых бетин, бирден ачсак барактап.
Касиеттүү Энесайдан келгенбиз.

Кыргыз эли ынтымакты сактайбыз,
Кыргыз жери ыйыктыгын барктайбыз.
Экөө келсе дагы туш тараптан,
Душмандарга бир да жолу сынбайбыз.



## КАРА-КӨЛ ЖАЙЛООСУ

Тизе өйдө, көк шиберге оронгон,
Тегиз жайыт, тегереги мал коргон.
Уй кайтарып, малчылары үн салып,
Каймак тартып, идиштерге сүт толгон.

Жашыл бизде, талааларда жайкалган,
Жылкы малы, короолорго жык толгон.
Кара – Көлдүн бийик келип жайлоосу,
Кара көздүн купулуна бүт толгон.

Жыпар гүлдөр өскөн жашыл талаасы,
Жайындасы салкын болуп абасы.
Кара – Көлдүн айтып бүтпөс кыштоосу,
Койлорун издеп жүрөт чабаны.

## КУРДАШЫМ

Ак жүздүү, сулуу сыпат курдашым,
Алыстан келбедиң го кусамын.
Сырларымды айтпасам жакындан,
Ачык айтпай, ичимден сызамын.

Өткөндү эстеп биз каткырып,
Өткөрүп, ар бир күндү шат кылып.
Уйкуну тээ алыска качырып,
Олтуралы таң атканча агарып.

Ай жүздүү, сулуу келбет курдашым,
Ак көңүл, сенин турган турпатың.
Үмүтүң үзүлбөстөн эч качан,
Үйүмө күндө келип каттагын.

## КЫЯ АЛБАДЫМ

Коштошууга келдиң таң эртеден,
Кетип калчудай, биздин жерден.
Кымбатым, балким, тез келерсиң,
Буйруса, жол болуп биздин элден.

Карап турдум өзүңдү жакындан,
Карегиңдин өтө албай отунан.
Макул эместей, мейли дегенче,
Кыя албадым, тосуп калып жолуңдан.

Жасанып, мен өзүңө жага албай,
Жайда жүрдүм, кышта шашылбай.
Убакыт, мезгил, учур келгенде,
Мен ошондо койдум сени кыя албай.

## КЕЛИН КЕЛДИ

Асмандагы ай чолпонго каранып,
Алдыңарга келин келди жасанып.
Жеңеке, чачыладан чачып коюңуз,
Ак жоолугун башына салынып.
Келиндин жүрөгүндө ысык болсун,
Кайын журтка, баш ийип, салам айтып.

Көктөмдөгү, көп гүлдөргө каранып,
Келин келди, узун чачын таранып.
Жеңеке, чачыла шербет чачкыла,
Жаш жүрөктүн көңүлдөрүн жубатып.
Ак үйгө, энеге алып кириңиз,
Ай, жүзүн ачып, берсин ак батасын.

## КУДАЛАР

Эки адам жашап келет калаасында,
Эки тоо, Ала-Тоонун арасында.
Кыз беришип, кыз алышып, кол сунган,
Кудалар келип турат астыңарга.

Кудаларга кулдук урган салтыбыз,
Кол алышып, жазылдыбы жарпыбыз.
Жүз жылдыкка эмес миң жылдыкка,
Кубанычка балкып турсун баркыбыз.

Алтын куда, ширин куда келиңиз,
Ачык сүйлөп, ырдап бийлеп кетиңиз.
Каалоо, тилек, кабыл болсун баары – деп,
Астыңарда башыбызды ийебиз.

## КЛАССТАШТАР

Касиеттүү, ушул мектепке заңгыраган,
Келген элек, ар кимибиз ар тараптан.
Бирге жүрүп, бирге олтурган партада,
Классташтар, бактылуубуз жадыраган.

Аппагы бантиктин эки чачка тагылган,
Аппак көйнөк, жакасына тор тагылган.
Окуучулук күндөрүм, алтын балалык,
Ойлонбой сүйлөп, көңүлдөргө так калган.

Бир партада, сабак жазып бирге
олтурган,
Бир туугандай, классташым сени
сөз курган.
Окуучу бала кездер, оюнга тойбогон,
Бактылуубуз, өткөн күндөр эсте калган.

## КӨПӨЛӨК

Көрдүм го! Мынча эле кооздонуп,
Көпөлөк учасың сен шоктонуп.
Артыңдан жүрсөм жетпей кубалап.
Айланып өтсөң кайра коргонуп.

Канатыңда гүлүң жүрөт сыядан,
Кайрылып учуп өтөсүң кыядан.
Түркүн түскө кулпунган көпөлөк,
Коркомун сени кармап алгандан.

Назданган жумшактыгың айта албай,
Нары-бери басамын жакындай.
Гүлдөрдүн жытын издеп тандаган,
Бийиктен уча бергин чарчабай.

## КЫЗГАЛДАК

Ээн талаа, кызгалдак жайнаган.
Эч жакпай, ысык күн кайнаган.
Илбиреп назик гүл шамалга,
Эсеби жок баары жайкалган.

Карап турдум көпкө жанында,
Көпөлөк конуп турду астында.
Көңүлдү өзүңө бурдурган,
Карачы! бул сенин баркың да.

Сабы ичке, кызыл түстөгү,
Сулуу кыздай көргөн түштөгү.
Сени эстегенде уйку качып,
Сагынычтын кайда бүтмөгү.

## КАТ

Кат жазды сагынганда жетсин – деп,
Кат жетпесе саргарып кетсин – деп.
Ай, ошондогу жаштык күндөрүм,
Айланып издейм, кайда кеттиң – деп.

Сүйүү баракка эмне жазылган,
Сүйүүсүн ачык айтпай жашырган.
Алдынан чыгып калса билмексен,
Алыстан көрсө, өзүн качырган.

Кат жазды, сулууга бирөө кычырап,
Кийимин кооздоп, жүзү жаркырап.
Койнунда сырын билип калгандай,
Келе жатты, курбусуна шыбырап.

Каттын жообун, жазып жатты өзүнчө,
Көп ойлонуп, сөз издеп көбүнчө.
Жооп жазуу, кыйын бекен чынында,
Калп эле билгизбейт көзүнчө.

Сүйүү каты, сезимди байыткан,
Сүйкүм элес алыстан сагынткан.
Кайсы сөздү жазып биле албай,
Катасын оңдоп, күндү батырган.

Каттар келип, алыстан жазылган,
Кымбатым, – деп жылуу сөз айтылган.
Кубанычы толкундап дайрадай,
Кусадан көздүн жашы агылган.

## МАХАБАТ

Кандай сулуу, кандай сүйкүм махабат,
Көкүрөктө сүйүү дартым күч алат.
Бул дүйнөнүн баары жогу сүйүүбү,
Бийик тоодон улар дагы үн салат.

Бул жашоонун сонун экен күндөрү,
Бузук эмес, жаман эмес сөздөрү.
Эч убакта соолубасын суу жетпей.
Махабаттын жыпар жыттуу гүлдөрү.

Махабат сырдуу күч ачылбаган,
Мактап жазып акын бүтө албаган.
Бул өмүрдө жалгыз жашап өткөн,
Адам барбы сүйүүгө кабылбаган.

## МУЗЫКА

Жакшы ыр угуп, көңүлүм ачылды,
Жашырып жүргөн сырым да айтылды.
Бул дүйнөдө укмуш сонун музыка,
Жашоом менин, сүйүү багым ачылды.

Капалык менден узак алыстады,
Көңүлүмө ыр дүйнө жакындады.
Бул дүйнөдө жан эриткен музыка,
Бүткүл азапты менден алып салды.

Көңүл оттун андай бетер жандырып,
Көзүңдөн, махабат, сүйүү тутанып.
Жан дүйнөмө жагат ушул музыка,
Жакшы көрүп, күнүгө ырдаймын.

## МЕН ЖАЛГЫЗ


Мен жалгыз олтурам ушул күндө,
Мемиреп, айлуу түн, жылдыз түндө.
Секунда, мүнөттө, көз ирмемде,
Сагынып, сени эстедим күндө.

Айлуу түн күбө бүт ырларыма,
Алыстан сени күткөн айларыма.
Мен жалгыз олтурам сени эстеп,
Айттырбай, келерсиң сен жакында.


Мээримдүү, ай толгон, жалгыз түндө,
Мен неге жалгызмын ушул күндө.
Койнумда арманым батпай жүрөт,
Күттүрбөй, кел өзүң эрте күндө.





*Тайэне Апил Исмаилова*



*Биринчи мугалим Тыналиева Алмакан*











## МЕЙКИН ТАЛАА

Мемиреп бийик тоолор асман тиреп,
Менменсинет, зоолор да боорун тиреп.
Мейкин талаа чеги жок бул ааламда,
Мен айланып кете албадым кол шилтеп.

Карайм жашыл талаа мейкинди,
Катарлашып, жолдо өскөн четинди.
Ээн талаа өзүнчө нурга бөлөнүп,
Эске салды, өткөн чакта кезимди.

Жердин бети бир ордунан өзгөрбөйт,
Жамгырлар төксө дагы нөшөрлөй.
Мейкин талаа, койну кенен ааламда,
Жаша адам, дүйнөдө көңүл чөкпөй.

## МУХАММЕД

Алла-Таала, куран аян жиберген,
Алла элчиси, Мухаммед бир келген.
Дүйнөгө мусулман дин таратып,
Айтып бүтпөс азапты кечирген.

Аллахтан миң мертебе жалынып,
Адамзатты ыйманга чакырып.
Күндө беш убак  намаз окуткан,
Мактап  ырда Мухаммедди сөз кылып.

Жер бетинде акыркы дин мусулман
Жан дүйнө менен бирге умтулган.
Аллахтын элчиси, ал Мухаммед
Алгач Каабага мечит курдурган.

## МУГАЛИМ

Мугалим, окуучуга билим берген,
Мээрим төгүп, ээдей сөзү менен.
Ар дайым, жүзү жарык, тийген күндөй,
“Адептүү болгула”, деп насаат берген.

Билим ийне менен кудук казгандай,
Бакытка, келечекке жол ачкандай.
Сабаттуу бол! Мугалим атын өчүрбөй,
Сыймык менен жүрөгүндө калгандай.

Биздин эже, чачы узун өрүлгөн,
Бизге дагы айдай болуп көрүнгөн.
Күндө кечке билим берип окуткан,
Мөмөлүү дарак экен ал төгүлгөн.

## МАНАСЧЫ САЯКБАЙ

Манасчы атабыз Саякбай,
Манас айтты жадабай.
Таңдан кечке жар салып,
Күн батканын байкабай.

Кыргызда көп манасчы,
Кыйналбай айткан казалчы.
Даңкы кеткен далайга,
Даңктап айтып баатырды.

Кыргызга келген Саякбай,
Кыйласын айтты аябай.
Манастын колдоп кырк чоро,
Мактап айтты такалбай.

Кылымдан кылым уланып,
Кыргыздын уулу кубанып.
Көп жерлерди аралап,
Манасы турсун айтылып.

Калпагын кийип башына,
Калың журттун кашында.
Манасты төктү Саякбай,
Карабай өткөн жашына.

Дүйнө элин таң калтып,
Дүңгүрөп баатыр аталып.
Кылымдар узак түбөлүк,
Манасы турсун жаңырып.

Айтканда төгүп манасты,
Аябай андан тер акты.
Тыңшап угуп, калың журт,
Тынч алып, бала баш бакты.

Манас атабыз баатырдан,
Мингени кашка тулпардан.
Китепке кирип Гиннеске,
Кыргыздын учун улаган,
Манасчы чыксын баатырдай.

# НОТА

Жети нота, жер бетине таркалган.
Жаш убагым, ырдап, кечке тыңшаган.
Опера, ырчылар бийик үн менен,
Океан, деңизди айтып ырдаган.

до, ре, ми, фа, соль, ля, си.

Нота үйрөн, керек сага жеткинчек,
Нукура, алдыда биздин келечек.
Мен силерди Нотага жазгым келди,
Махабат ашып, тээп жатса селкинчек.

до, ре, ми, фа, соль, ля, си.

Жети нота, обон сөзү жазылган,
Жакшы сөздөр, чын жүрөктөн айтылган.
Бул жарыктын, ырдан бүткөн мүнөзү,
Жашообузга бакыт болуп кайрылган.

до, ре, ми, фа, соль, ля, си.

## ОЙЛОРУМДА СЕН

Күндөрүм, жарык тийген күн менен,
Күндөр үзбөй, жашап келем сен менен.
Алыстасың, жүзүңдү көрө албайм,
Асылым, сени күтөм үмүт менен.

Азыр сенден жаштык курак кете элек,
Артыңдан, сөз кылып, кыздар бүтө элек.
Ойго салба, кабарыңды билгизбей,
Ачык айтсам: үзөм сага жете элек.

Ойлоруma өзүңдү сактап жүрөм,
Ооба,– деп, калып эле сырттан күлөм.
Ойго салба, бүт уйкумду жок кылып,
Ообу жок чексиз сени үзөм сүйөм.

## ОЙГО САЛДЫҢ

Өзгөлөрдөн сени сүйүп өзгөчө,
Өзүң баскан, жолду карап көбүнчө.
Анткен менен түшүнө албай сүйүүмө,
Түгөнбөгөн ойго салдың өзүнчө.

Сен баскан, жолдор сонун көрүнөт,
Сени көрсөм оюм  санга бөлүнөт.
Ойго салдың, жан дүйнөмдү биле албай,
Сен билбесең, башка бирөө түшүнөт.

Кооз көрүнөт, сенин ушул карааның,
Каткырып, шайыр жүргөн жамалың.
Ойго салдың мени сезип биле албай,
Кошкун анда мен ушуга капамын.

## ӨМҮР

Өмүр десе, билинбей күндөр
өтүп жаткан,
Өкүнүп кээде ыйлап аппак
таңдар аткан.
Кызык тура! бул жашоонун
сыры ачылбас,
Жанашып, күлүп эки эже
бара жаткан.
Ойлорунда бактылуу сезишип
өздөрүн,
Балким бакыт нурун күндөй
өзү тараткан.


Сулууларды көздөр көпкө чейин
караткан,
Суктанып көздөр көпкө чейин
баары самаган.
Өмүрлөр жашоо баардыгы үчүн
жалгыз экен,
Муну ойлоп адамдар канча
ойго баткан.
Жаштык кездер алтын күндөр
сүйүү менен,
Өмүрлөр өтөт таңдар менен
аппак аткан.

## РОЗА

Эй, роза гүлү, Омар сүйүп ырдаган,
Эч убакта ыр жазуудан танбаган.
Тамчыларың, шүүдүрүмгө мөлтүрөп,
Эч качан, сүйүшкөндөр чанбаган.

Сени жазуу, кыйын экен чынында,
Эмнелер бар? Сенин укмуш жытыңда.
Ийилип, кызылдан көйнөк кийгендей,
Эшигимдин өсөсүң сен багында.

Сулуу экенсиң, жаш экенсиң ачылып,
Сен жаныңдан өзүмдү бир аз качырып.
Бирок, дагы жан дүйнөмө бата албай,
Кала албадым бүт сырымды жашырып.



## РОЗА ГҮЛҮН АЧКАНДА

Жаштык кезден бир аз өтүп калганда
Жаздын күнү, Роза гүлүн ачканда.
Чындап эле сүйүп калып мен сени,
Калтырдың го мени чексиз арманда.

Эмнелер бар, эмне жок бул жалганда,
Экөөбүздө турмуш бар ачык айтканда.
Көрүшкөндө сыр түйүнүн чечишпей,
Эки башка кеткен жолдор арманда.

Бүркүттөр учуп жүрөт асманда,
Буйрубады бизди тагдыр чындыкта.
Ошентсе да, келбес жолуңду карап,
Кала бердим чексиз арманда.

## СҮЙҮҮ НАЗДЫГЫ

Сүйүүгө чындап багындым,
Жылдыздуу көзүң сагындым.
Неге мен билбей жүргөмүн,
Сендеги сүйүү наздыгын.

Карасам сени күзгүдөн,
Карадың сен да күзгүдөн.
Тиктешип калып экөөбүз,
Кызыл нур кетти жүзүмдөн.

Ал күнүм калды эсимде.
Өчпөс болуп сезимде.
Көзүңдөн сенин нур жанган,
Келерсиң дагы бир кезде.

## СЕН ЖӨНҮНДӨ

Сен жөнүндө жазгым келет,
Жазып ойго баткым келет.
Акырында жазып бүтө албай,
Айыгып мен кетким келет.

Сен жөнүндө уккум келет,
Сагынып сени күткүм келет.
Четке кагып ушактарды„
Андан бетер сүйгүм келет.

Сен жөнүндө билгим келет,
Сени эстеп жүргүм келет.
Айтарга таппай сөзүмдү,
Жүрөгүңдө калгым келет.

## САНАА КЫЛБА

Саламатпы менин сүйгөн адамым,
Сагынычтан келет сени сурагым.
Билгизбей жүрсөң дагы кабарыңды,
Санаа кылба, көңүлдөрдү чырагым.

Сен,– деп согот, жүрөк чиркин токтобой,
Элесиңди көз алдымдан жоктобой.
Сага деген үмүттөрдү арттырып,
Бир күн дагы тура албасмын ойлобой.

Сүйүп калган жүрөккө даба жоктой,
Караның карегимде күлүп оттой.
Сүйүүдөн кечиккен өңдүү көрүнөм,
Сезилип өкүнүчтө орун жоктой.

## САГА ОКШОБОЙТ

Туталанып сүйүүнүн кереметти,
Туш тарапка чачылат сөз бермети.
Болсо дагы жылдыздуу ушунчалык,
Сага окшобойт, сулуунун келбети.

Сулуу сезим калтыраган жакынымсың,
Сүйүүнү жазып бүтпөс дастанымсың.
Сага окшобойт сенден башка бирөө,
Алыста жашасаң да жанымдасың.

Сени эстеп, ойлордон арыламын,
Жүз көрүшүп, качандыр жолугамын.
Сага окшобойт, сенден башка бирөө,
Сагынып, күндө сени сагынамын.

## СЫРДУУ МАХАБАТ

Жигит келсе, узак жолдон күйүгүп,
Жадыраган махабатты ыраа көрүп.
Неге ал сыртта турат? Үйгө кирбей,
Жай алып, олтурганы сүйлөшүп.

*Кайырма:*

Сырдуу күч махабат деген.
Сүйүүнүн баркын билген,
Эр жигиттен жалындуу сөз,
Суурулуп чыгат нечендеген.

Жазып бүтө албайм мен баардыгын,
Ким жаба алат ак сүйүү барагын.
Ал бүтпөгөн, чалкыган океан,
Аны барктап, даңазалап ырдагын.

## СЕНИ ЭСТЕП

Сени эстеп, батып кетип кыялдарга,
Сөз жетпейт, жүрөктө сөздү жазарга.
Кайдасың? Кол жетпеген ууз сүйүүм,
Келбедиң го! Бир да жолу биз жакка.

Кыялкечмин: кыялымда өзүң ээлейсиң,
Качан болсо көз алдымда элесиң.
Мендеги тутанган сүйүү демин,
Качандыр бир кезде өзүң билерсиң.

Сүйүүң ошол кездеги илеби,
Сүйдүрүп өзүң жакка жетеледи.
Бир күнү айтайын десем сырымды.
Ай сени, жамгыр мынча себеледи.

## САГА

Карап койсоң кээде жадырап,
Кара көзүң мага жакындап.
Жакшы көрүп, сүйүп кетемин,
Жазбасын, - деп сени ушундан.

Уруш болот кээде жашоомдо,
Урмат – сыйым болсун көктөмдө.
Бирге өмүр сүргөн асылым,
Биз менен болсо үйүмдө.

Ар убак урушпайлы суранам,
Сен мейли десең мен кубанам.
Бактылуу болуп жашайлы,
Бек болсо сенин убадаң.

## СЕН ДЕП

Сен,– деп соккон жүрөгүм,
Дагы издейт түнөгүн.
Дүйнөдөгү табылбас,
Сенсиң менин сүйгөнүм.

Сен,– деп жалын күйөмүн,
Айтчы, мынча сүйөмүн.
Келеби,– деп жолуңдан,
Канча карап күтөмүн.

Келчи, жашоомдун өмүрү,
Замзамдын суу мүрөгү.
Бир сен үчүн тең келбес,
Сулуулардын чүрөгү.

## СҮРӨТ

Сүрөтүңдү жүрөм дайым жашырып,
Сүйгөн элем өзүм сени ашыгып.
Эске түшсөң, таап алып сүрөтүң,
Эрте – кечте, карап жүрөм сагынып.

Сүрөтүң менде жүргөн эстеликпи,
Ээлигип ал сүйүүгө жетпедикпи.
Жаштык беле! Бала кез ойноок болуп,
Эмнеге? Сүйүү сырын билбедикпи.

Күндөн-күнгө сүрөтүңдү катамын,
Көргөзбөй көздөрдөн ала качамын.
Күн өтүп, ай болуп, жылга айланып,
Көрүшкөн күнүмдү ойлоп жатамын.

## САГЫНЫЧ

Буйругубу тагдырдын биле албаймын,
Бир көргөндөн сени унута албаймын.
Сени эстеп, сени күтүп, күндө сагынып,
Түн ортосу оосо дагы уктай албаймын.

Сагындым сени, сагыныч мени кыйнады,
Санаага баткан ойлор эми чыйралды.
Чеги жок сүйүүмдү айтсам сага деген,
Башын чайкап, жок курбум дагы
кыйбады.

Баа жеткис сулуу, сага неге ашыкмын.
Сөз жетпес сулуу, сага неге ашыкмын.
Качандыр жолугуп каларсың чоң жолдон,
Бирок, сени унута албай сагындым.

## СУУНУН ЖЭЭГИ

Суу жээги, муздак келет, шамал болуп,
Сулуу кыздар шамалга бетин тосуп.
Аркы өйүздө элдер ырдап жатат,
Ачылып көңүлдөрү, обон созуп.

Чоң арыктан суулар агат шаркырап,
Чагылышып, күн нуруна жаркырап.
Олтурганда суу жээгинде эс алып,
Толкундагы суулар бизге чачырап.

Сүрүлүп, суу жээкке кумдар урунган,
Суу бойлоп, салкын жерде олтурган.
Сулуу кызда бир аз ойлор бар бекен.
Кеч болду, суу жээгинен кете турган.

## СЕН МАГА

Сен мага, жамгыр төккөн күндө келдиң,
Сезимдер өчпөй, күткөн кезде келдиң.
Оюңда эмнелер бар? Же жөн элеби,
Себебин, бирок, жалгыз мен билбедим.

Сен мага гүлдөн белек алып келдиң,
Сагындым,- деп сөздөрүң айтып бердиң.
Ал сөзүң чындыкпы же жөн элеби,
Биле албай көпкө ойлонуп кеттим.


Сен мага жашырбай сүйлөп жаттың,
Сырыңды башта неге ичте каттың.
Убада кылып, бек кармап колумду,
Кеттиң чыгып, билбейм кайда
бара жаттың.

## СУЛАЙМАН ТООСУ

Сулайман тоосу бийик, узак келет,
Сапарлап алыстан баргым келет.
Улам карап бийик чокусуна,
Сени менен бирге чыккым келет.
Бийиктен ылдый карап, бет алсам,
Сыдырым, салкын шамал келет.

Бийик тоодо, элдер көп болуп,
Булбул сайрап, шакка өзү конуп.
Тоонун туш тарабына кызыгып,
Бирок дагы оюмда өзүң болуп.
Гүлүнөн бирөөнү үзүп алдым,
Гүлдүн жытты аңкып, сендей болуп.

Кыргызымдын улуу, бийик тоосу,
Көп эл караган, көздүн жоосу.
Ар убак аты өчпөй дүйнөдө,
Катарлашып тура берсин зоосу.
Биз эстеп, унутпай айтып жүргөн,
Түбөлүктүү ал Сулайман тоосу.



## СЕНИ СҮЙГӨМ

Сени сүйгөм ачык айтпай жүзүңө,
Сени сыйлап аралашпай сөзүңө.
Байкабай ойлонуп турган кез менен,
Сен караган тиктеп алдым көзүңө.

Сени күттүм, жан дүйнөмө арбалып,
Сагынган күндөрүм эсте калып.
Сенин сүйгөнүң башка болсо дагы,
Өзүңдөн кете албадым баш тартып.

Сени сүйгөм, эч убакта билгизбей,
Сен барда аалам мага тегиздей.
Эч убакта бул жашоодон кол үзбөй,
Сени менен жүргүм келчү эгиздей.

## САГЫНДЫМ

Көп жылдар көрбөй сени сагындым,
Күрпүлдөп аккан суу шаарымдын.
Кайсы бирин айтып бүтө албай,
Караанынды көрбөй кусамын.

Жаштык сулуу элең кычыраган,
Жактырып кыздар сени караган.
Кайдасың? Айтчы өзүң көрүнбөй,
Көп жылдар издеп сени самагам.

Карааның кеттиң сен алыстатып,
Байкабай башканы жакындатып.
Билбедиң жүргөнүмдү сагынып,
Дайыма жашымды тамчылатып.

## СЫРЫМДЫ АЙТСАМ

Жашырып жүргөн сырымды айтсам,
Жакшы көргөнүмдү, чынымды айтсам.
Урушпа, таарынтпа көк бетмин,
Убара болуп жолдон артка кайткан.

Сагынган күнүмдүн баардыгын айтсам,
Саамай чачың тараганың айтсам.
Жок дебе жактырбай, көк бетмин,
Сөздөн сөз чыгарып, жолдон кайткан.

Жүрөгүм сен дегенин ачык айтсам,
Сүйбөсөң болбой эле бара жатсам.
Айтпа, жаман сөздү, жеткен көк бетмин,
Сапар алган жолумдан артка кайткан.

## СЕНИН ЫРЫҢ

Көңүлүмдү сенин ырың жубатты,
Көздөрүмдү сенин көзүң каратты.
Сууруп чыгып, кичине жүрөгүмдөн,
Карындашың ушул ырды жаратты.

Сенин ырың, жан дүйнөмдө ырдады,
Сактап жүргөн, ырларымда ырбады.
Өзүң барда бир жерге тура албай,
Сезимдерим андан бетер чырмады.

Сенин ырың, шайыр кылды күлкүмдү,
Сагынып, өткөрө албай күнүмдү.
Сени ойлоп, бир жерге тура албай,
Айтарга таба албадым сөзүмдү.

## СҮТ АК

Бала болуп, чоңойгон кезимден,
Булар бекиткен сырым ичимден.
Биле албадым, сурап жүрбөдүм,
Бир түндө, миң жолу “сүт ак” – деген.
Кандай чымчык болду – экен?
Кайталап кечке, бир сөз, миң деген.

Сени издеп, көрүү бул максатым,
Сени таппай, көп эле жададым.
“Сүт ак”, – деп кечке тынбай какшаган,
Сырыңды эмне билбей чарчадым.
Акыры макул болуп тагдырга,
Сага бакыт өмүр бою кааладым.

## СУЛУУ КЫЗ

Керме кашың сыланып,
Күзгүнү кечке каранып.
Сулуу сыңар жасанып,
Кара чачың таранып.
Көчөгө чыгып келди,
Айланага көз салып.

Сулуу десе назданып,
Сулуу жүздөн нур тамып.
Кашын чийип өзүнчө,
Күндө жүрөт жайкалып.
Бирок, дагы данакер,
Акылы баары байкалып.

*Кайырма :*

Сулуу десе сулуу кыз,
Сүрдөнүп жүргөн кыз.
Сени ойлоп, бир жигит,
Сен дегенде ичи тыз.

## СҮМӨЛӨК

Сүмөлөк тартып жатат угуттан,
Сырын айтсам, угут ал буудайдан.
Тилек кылып, мусулман майрамы,
Жакшылык кабыл болсун кудайдан.

Казанга түшкөн даамдын жетиси,
Кабыл болсо дейм калбай бириси.
Араздашып жүрсөң бирөө менен,
Алгач кечиримге келет кимиси.

Сүмөлөк, көктөм ырын ырдаткан,
Суктантып, даамы укмуш бал тамган.
Отун өчсө анын чогу өчпөй,
Сүрүлүп апакай таңдар аткан.

## ТОТОМОЙЛОК

Тоонун гүлү тотомойлок,
Өсөсүң жээкти бойлоп.
Үзүүгө колум барбайт,
Тагдырымды мен ойлоп.

Сары шиңгел тотомойлок,
Сагынычты терең болжоп.
Назик болуп ийилип,
Сүйүүмдү койдуң козгоп.

Сүйүү гүлү, тотомойлок,
Сагынамын сени ойлоп.
Жаз келгенде гүл жайнап,
Өсө бергин жээкти бойлоп.




*Тайэне Апил Исмаилова*

## ТАЙЭНЕ

*Апил Исмаиловага*

Өтүп күндөр далай убак,
Өткөн мезгил ойду чубап.
Жаш тайэнем, сулуу тайэнем,
Калды чачын басып бубак.

Кут болсун сексен жашыңыз,
Буйруса, токсон, жүздү ашыңыз.
Карасам: дагы деле жаш экен,
Тайэне тоодой болсун бактыңыз.

Узактыгын аянбаса өмүрдүн,
Улгайса да кири болбой көңүлдүн.
Уул – кыздар, небере, чөбөрөнүн,
Урматтап чай сунганын көрүңүз.

## ТЕГИРМЕН

Жазындасы эгиндер эгилген,
Жүгөрү бою бийик керилген.
Күзүндө бышып дан болуп,
Күрүлдөп тартып жатат тегирмен.

Кампасына жүгөрү салынган,
Калаасына бир ууч шак алынган.
Тегирмен ташы жайдан айланып,
Таң атып дандын баары тартылган.

Буудай ун тартып жаткан тегирмен,
Тегерек ташы көктө чегилген.
Молчулукка батпай түшүмү,
Четинен чычкан ташып кемирген.

## ТУУЛГАН КҮН

Өткөрүп туулган күндөрдүн далайын,
Өкүнбөй, жаштыктын көрүп жыргалын.
Ар убакта, майрамдап, бирге жүрдүк,
Андай күндөр бир келгенин баалаймын.

Жылга бирден, жашка жаштар кошулуп,
Жаштык учур бара жатат коштошуп.
Жүрөк болсо кала берип жаш бойдон,
Жылга майрам, туулган күндү болжошуп.

Узун болсун калыс жашап өмүрлөр,
Узак болуп сапар тарткан ал күндөр.
Туулган күндөр бак-дөөлөткө туш болуп,
Таарынып калбасын назик көңүлдөр.

## ТАҢ НУРУ

Атканда аппак таң агарып,
Ачылып, көңүлүм тазарып.
Өткөрбөй жаштык мезгилди,
Жүргүм келет күндө жашарып.

Ар күнү эрте таңдар аткан,
Аянбай, убакыт өтүп жаткан.
Адамдар аны сезип койбой,
Араздашып урушуп жаткан.

Таң нуруна жашап бөлөнүп,
Тең карып, түгөйүнө жөлөнүп.
Күн шооласы күндө жаркырап,
Жашайлы жүрөктөргө гүл өнүп.

## ТООНУН ГҮЛҮ

Биз сүйгөн, бийикте тоонун гүлү,
Билгизбей арнадың кимге сүйүү.
Колумда толтура атыр гүлдөр,
Келер – деп менин оюм сени күттү.

Кызгалдак гүлүн ачып калганбы,
Кызыгып бир сулуу үзүп алганбы.
Ачылып тоонун жыпар гүлдөрү,
Назданып жаш жүрөккө жакканбы.

Тоо гүлү баары сонун көрүнөт,
Татынакай ар түргө бөлүнүп.
Айлана толо гүлгө курчалып,
Башын ийип гүлдөр төгүлүп.

*Кайырма:*

Тоонун гүлү мен сүйгөн,
Таарынсам жолдон күткөн.
Жаман менен кыялыма,
Жакшына гүлдөр тутөт.

## ТОЙ АЗЕМИ

Ой-максатты орундалып ойдогу,
Оюн-күлкү булар аземи тойдогу.
Орун алса экен аппак жүрөктөн,
Олтуруп шатка бөлөнүп коногу.

Ырлар турса айланада жаңырып,
Ырахат алып элдер кол чабышып.
Той салтыбыз оюндар болуп бүтпөгөн,
Түн ортосу той бүтө элек уланып.

Ага-тууган элдин баары кубанып,
Алтын башка бакыт келсин чубалып.
Жүрөк өзү бир башкача толкундап,
Тойлору бүтпөсүн элдер суранып.

## ТҮН ОРТОСУ

Уктап жатпай уйкунун коштоосунда,
Ушул күн ойгоомун түн ортосунда.
Таңдар атып кетсе дагы аппак болуп,
Таң азандан күтүп турам жолуңда.

Мен жашап келем өмүр ортосунда,
Мен жашаган бийик тоолор койнунда.
Ал чөлкөмдөр экөөбүз өмүр сүргөн,
Адашпай биргебиз жашоо жолунда.

Түңкү  уйкумду өзүңсүң качырган,
Таңдын дагы себеби сен атырган.
Түн ортосу күн да баары бир болуп,
Сенин өзүң кусалыкка батырган.

## УШУЛ КЕЧТЕ

Ушул күнү, ушул кечте сени эстеп,
Убайым тартып жүргөн жүрөгүм эңсеп.
Кайрылбаган жолдо калган кош сүйүү,
Убарамын дагы деле караанын издеп.

Эмнеге жүрөгүң сенин муздак келет,
Жылыта албай жүрөк чиркин
сыздап кетет.
Эмне кылсам? ойду ойлоп таба албай,
Жаныңа жакын басып баргым келет.

## УЧКУЛ СӨЗ

Кыркырдын көркү кырында,
Кыйкырат короз маалында.

Жайлоодо боз үй тигилет,
Жаш келин чыгып ийилет.

Жайлоонун көркү жашылда,
Жылкынын көркү жайытта.

Жамгырдын көркү нөшөрдө,
Эски үйдүн көркү көчөрдө.

Баба дыйкан көркү – эмгекте,
Бөбөк бала көркү – эмчекте.

Буудай көркү дан менен,
Булбул көркү таң менен.

Чөптүн көркү талаада,
Шаардын көркү калаада.

Манас көркү кыргызда,
Асман көркү жылдызда.

Жүрөктүн көркү сүйүүдө,
Жетпеген көркү күйүүдө.

Кыздын көркү акылда,
Карга канат шакылда.

Гүлдүн көркү жытында,
Бычак көркү кынында.

Суунун көркү шаркыра,
Сулуунун көркү жаркыра.

## УЛАКЧЫ

Узак өмүр, ак сакалдын тоюнда,
Узун аккан суу жээгинин боюнда.
Улакчы балдар бирге чогулуп,
Улак балдар турушат тобунда.

Урмат кылган улууну калкыбыз,
Улак тартышмай биздин салтыбыз.
Күүлөнүп тулпар чапты боз улан,
Колдоп туралы мында жалпыбыз.

Улак тартышып, бирөө жеңилген,
Убара эмес, кээде тең келген.
Кыргыз оюну кылымдарга уланып,
Ушул күнгө ата – бабам жеткирген.

*Кайырма:*

Улакты бекем кармагын,
Күчтүүдөн болсун салмагың.
Утушка жетсең даңкталып,
Урматтайт элиң мактанып.

## УЗУН ЖОЛ

Узун жолдон баскан адам карыбасын,
Учу узарып  элдер аны сыйласын.
Келген болсо узак өмүр теңирден,
Урмат менен жашоонун көрсүн кыйласын.

Жолдор узак болуп адам чарчабасын,
Жолдош адам эмгек менен тынбасын.
Турмушта канча нерселер болуп турат,
Теңтушка жаман айтып көңүл калбасын.

Узуну жолдун эч качан түгөнбөсүн,
Урушуп эки адам эки жакка бөлүнбөсүн.
Жакшылык жашообузда күндө дем берип,
Жакшы күндөр элден кетпей көбөйсүн.

## БӨБӨГҮМ

*Уулум Адисламга*

Каралдым, татынакай бөбөгүм,
Жашоодо сенсиң менин жөлөгүм.
Сүт таппай мени издеп ыйласаң,
Садагам, ооруп кетти жүрөгүм.

Тынбайсың, нары-бери жөрмөлөп.
Тың алып, турайын, – деп өйдөлөп.
Карап туруп ичим эзилет,
Туш болсун тагдырыңа бак-дөөлөт.

Апа деген тилиңден айланып,
Ар дайым өмүр тилейм жалбарып.
Азамат болгун элге жараган,
Ата-энеңди күндө кубантып.

## ЧОҢ-ТАШ АЙЫЛЫ

Туулган жерим, Чоң-Таш айылым
Тутанган жашоодо чырагым.
Сени кантип коёмун сагынбай
Сенде калган, алтын бала чагым.

Чоң энемди ээрчип артынан,
Чоң-Таштын айланып жанынан.
Айылдын атты ушул ташпы, – деп,
Жадаткам, сурай берип баарынан.

Менин айылым, менин тууганым,
Мен келип алдыңда турамын.
Урматтап, сага таазим кылып,
Ушул ырдан белек сунамын.

## КЫРГЫЗ ТОЙЛОР

*Музыка:* ***Бакыт Камчыбековдуку***

Кыргыздар эң улуу бийиктеги,
Көңүлүм акактай сезимдеги.
Кыз берип, келин алып, той берсе,
Кол жайып, бата берет ата теги.

*Кайырма:*

Кыргыздын балбан күрөшү.
Кичине бала сүннөтү.
Эч качан жөн өтпөйт,
Элимдин бир мүнөтү.

Аркан тартып, бир жагын жыгылткан,
Ак чолпон оюну, көңүлдү жубаткан.
Кыз кумайга жетип жигитти,
Көргөн элдин элдин баарын кубанткан.

*Кайырма:*

Кыргыздын балбан күрөшү.
Кичине бала сүннөтү.
Эч качан жөн өтпөйт,
Элимдин бир мүнөтү.

Элимдин улак тартып тойлору,
Эстен кетпей, кыялдагы ойлору.
Кылымдарды келе жаткан карытып,
Кыргыз элдин ачык болсун жолдору.

## НАРИСТЕ

Кичине наристе ойноп жүрөт,
Кубанычтан улам шаңдуу күлөт.
Тили ширин, жүргөнү жагымдуу,
Келечекте сонун күндөр күтөт.

*Кайырма:*

Чуркайсың сен чоң жолдон чарчабай,
Чалынып, кээде ыйлап байкабай.
Наристем, чоңойчу толуп акылга,
Жүрөмүн жаныңдан мен чыгалбай.

*Кайырма:*

Талыкпаган мүнөзү,
Татынакай ал өзү.
Бою болсо бир карыш,
Тили ширин сөздөрү.

## СҮЙҮҮ

Сен сүйүү жүрөгүмдү жаралаба,
Сүйбөдүң – деп сен мени каралаба.
Калбасын көңүлүм жаман сөздөрдөн,
Сактайлы, сүйүү баркын даңазага.

Ак сүйүү, көңүлүмдү сен калтырба,
Айга жетебиз,– деп куру шаштырба.
Кичине жүрөгүм үшүп кетпесин,
Кечигип, сапардан мени калтырба.

Сезимди негедир айтпа албаймын,
Сүрдөнүп көзүмдү ала качамын.
Сен сүйүү, мынчалык мени сынаба,
Сени ойлоп, жүрөккө сыр катамын.

## ЧОҢ АТАМДЫН КҮҮЛӨРҮ

Чоң атамдын жумшак келип мүнөзү,
Чоң кербезди чертип жаткан күүлөрү.
Кээде ырдап, уста болгон ал өзү,
Тизип койгон комуздун түрлөрү.

Ак бакайды чертип жатса күүлөнүп,
Комузду кармай албай сүрдөнүп.
Ал күндөрүм эсимде бала кезим,
Ошол кезде алар калган бүрдөнүп.

Чоң атамдын чертип жаткан күүлөрү,
Чын эле ыр дүйнөгө жетеледи.
Ар убакта унута албай келем,
Комуздан келген ушул ыр белеги.

Күүгө салып айтып жаткан сөздөрү,
Керемет экен тарбиясы мүнөзү.
Жөө жомокту айтып берип уктабай,
Жөнөкөй адам ырга бай жөндөмү.

Күүгө салып чертип жатты тегирмен,
Зергер болуп сөйкөлөр тизилген.
Бир карасам: дыйкан болуп талаада,
Бүт эгиндер бирдей болуп эгилген.

Чоң атамдын эсте калган күүлөрү,
Тегирменчи, зергер, уста ал өзү.
Ыр дүйнөмдүн жашоомдун күндөрү,
Себепкери, чоң атамдын дал өзү.

## ЧАБАК

Койлорун багат малын жайгарып,
Күн батканча уйларын кайтарып.
Чабак жүрөт тоо көздөй бет алып,
Чалыкпады бир жолу эс алып.

Ээн бар малдардын кулагында,
Эрте айдап чыгарат убагында.
Ак жүрөгүндө эмне сыры бар,
Билбейт го элдер аны чынында.

Жашыл шибер аралап жазында,
Жадабай ысып турган жайында.
Качан болсо мал айдап тоолорго,
Жок дегенде эс албайт кышында.

## ШАРАП

Шарап азап, адаштырса жолуңдан,
Шашып, эч нерсе келбей колуңдан.
Жүрөсүң иним күндө сен мас болуп,
Жүрөк ооруйт сени  көрүп жакындан.
Сүйлөйсүң бирок, билбейсиң эмнени,
Жаш туруп калган өңдүү акылдан.

Тагдырыңа келет менин түкүргүм,
Татына болушуңа келет жүрөгүм
Жаштык өмүр гүл экени сезилбей,
Жаман айтып, мастык менен сөгүндүң.
Кантем: бир тууганым табылгыс даарым,
Каректей балдарың көрүп шүүгүрүм.

## ЫР КУРЖУН

Ыр куржунга батпай ырларың,
Ыраазыдай сулуу чырайың
Өзгөчө бактылуу күнүгө,
Өзүңдөн билинет маанайың.

Жүрөктөн чыгып бүт ырларың,
Жөнөкөй эмес ал сырларың.
Жашоодо болбосун эч качан,
Жаңылган көңүлдө чырларың.

Назик тура, айткан сөздөрүң,
Назданып, көпкө сен жүргөнүң.
Ыр куржундан ашып, ыр дүйнөң,
Ыраактан, бийик чыгат күлгөнүң.

## ЫЙМАН

Ыймандуу бол, балапан кезиңден,
Ырахмат жетсин сага элиңден.
Ыраазы болуп баккан ата энең,
Ырайың болсун сулуу дилиңден.

Баратса чоң эне кармап таягын,
Баргын да жардам берип кармагын.
Ыйманга толгон сенин жүрөгүң,
Чоң эне берет аппак батасын.

Жаман айтып, душман таппа тилиңден,
Жакшы сөз чыкпасын эч эсиңден.
Кайрымдуу болгон сенин жүрөгүң,
Жанашат баары таза сезимден.

## ШАШЫЛБА

Кеч калдым,-деп шашылба,
Сүйүү бакыт жаңылба.
Кара каштуу сен сулуу,
Кылчайып артты караба.

Эмнеден сен кечиктиң,
Убакыт күтпөйт бир билгин.
Эмнеси болсо дагы,
Эркелегиң билдирдиң.

Убакыт өткөнүнө өкүнбө,
Ашыгып сен бөлүнбө.
Ар мезгилдин орду бар,
Урмат-сый болсун сөзүңдө.

## ШАМАЛ

Шамалга желбиреп, саамай чачың,
Карасам жылдыздуу көз карашың.
Кеттиң сен сүйдүрүп ушунчалык,
Күчөтүп жүрөгүмдүн кагышын.

Жаш жигит, кайдадыр бара жаттың,
Жан дүйнөмө неге мынча жактың.
Таанышпадым, билбедим атыңды,
Тим эле төгүлдү го жамалың.

Шашылып сен шамалдан качтыңбы,
Кетер жолуңа сапар алдыңбы.
Карап калдым билгизбей артыңдан,
Жок дегенде билбесем да атыңды.

## ШАМАЛДАН КАЧТЫҢБЫ

Шамал болуп, бороон чапкын,
Шашылып тез чаңдан качкын.
Буралган кара чачыңа,
Бек кылып, ак жоолук салгын.

Бороондон шашылып кеттиң,
Бурулуп  сен кайда жеттиң.
Сени ойлоп көпкө күткөн,
Сүйүү жолго кайра келдиң.

Көзүңдөн билинип үшүгөн,
Кабагың бир аз түйүлгөн.
Шамал тоскоолдук кылбачы.
Шекер сүйүүгө күчөгөн.

## КЫЗДЫН КЫРК ЧАЧЫ

Уулу агам төргө өткөрүп,
Уулуусуна карабай эп көрүп.
Кыздын кырк чачы уулу-дейт,
Урмат менен сый көргөзүп.

Кырк чачы уулу экен кыздардын,
Кычырап жүрөт, көрдүм басканын.
Турмушта байкап да көрөйүнчү,
Канча экен? Сулуунун ыйманы.

Кундуздай кара чачың кыркылган,
Кулпуруп, чачың кымбат сыйланган.
Ата-бабадан келе жатыптыр,
Кыздын кырк чачы уулу аталган.

## ӨРҮК БҮРДӨГӨНДӨ

Көпкө туруп өрүктүн жанында,
Көп эстедим бала чагымда.
Өрүк бүрү качан ачат,– деп,
Канча күн күтүп жүрдүм жазында.

Өрүктөр бүчүр ачып жатканда,
Өрттөнүп жалын чокко батканда.
Кечке чуркап оюнга тойбой жүрдүк,
Көңүлгө тартылып сен калганда.

Майда бүчүрлөр өрүк жыттанат,
Менин оюм сени эстеп кыжаалат,
Ал күндү ойлоп көрсөм чын эле,
Мага ким каалады экен саламат.

## ТУУГАНЫМ

Кымбатым, менин асыл тууганым,
Кыял эмес, сени эстеп турганым.
Адамдын санаты бар жүзүнө,
Кичине ырдан белек сунганым.

Жакшылыкка чакырып тойлорго,
Жакындан алыс дебей жолдорго.
Узактан сапар тартып келишет,
Калтырбай мени жаман ойлорго.

Топурагы туугандын алтындан,
Тең көрөмүн бардыгын жакындан.
Сыймык менен айтылган аттарын,
Сыйлап жүрөм, тууган деген атыңдан.

## ЧОҢ СУУНУН СУУЛАРЫ

Чоң суунун суулары шар акты,
Чарчаган көзүмдү каратты.
Ошондо сени эстегеним,
Ойлорум суу менен баратты.

Чоң сууларды көпкө тиктедим,
Чындап келбесиңди билбедим.
Неге мынча кыйнап өзүмдү,
Жашоодон бакытты издедим.

Суулар мага жардам бербеди,
Сезимдеги ойлор четтеди.
Турмуш да мени сынга алып,
Түркүн ойго салып ээледи.

## АК ЖААН

Ак жаан төгө берди неге басылбай,
А биз болсо, үйдөн сыртка чыга албай.
Нөшөрлөп неге мынча сен көгөрдүң,
Адам сымал сырыңды айта албай.

Ак жамгыр сени көптөн күтүп жүргөм,
Ачык  сырымды сага кошуп төгөм.
Сырдаш бол, мени  менен шыбырап,
Адашып, өзүм билбейм кимди сүйгөм.

Алыс жолдон өзүңдү мен күттүрбөй,
Ак жаанда тура беремин үшүбөй.
Кантсе да, ал менин сырдаш адамым,
Айта беремин сөзүмдү бүтүрбөй.

## КЫРГЫЗСТАН II

Тоосу бийик, жолдору узун келген,
Талаасында өзүңдү жакшы сезген.
Кыргызстан – жер бетинде сулуу келип,
Кутман элим өзү үчүн жер кезген.

Сууларың агылып алыс дайрадан,
Сүйүнүп, күн тийип өтсө жылгадан.
Жашоо күндүн кереметти – Кыргызстан,
Жакшы үмүт менен жашайм кайрадан.

Баатырлар чыккан кыргыздын жеринен,
Бактылуу айланып өтсө болот элинен.
Өркүндөп, өсүп жаткан бул –
Кыргызстан,
Өксүбөй, тайбасын ушул деминен.

## КАЙДАСЫҢ ЖАШТЫГЫМ

Эч нерсени ойлонбой жашап жүргөн,
Эскирбеген, жаңы көйнөк кийип жүргөн.
Шаттык менен өткөрүп алтын күндү,
Жаштыгым, сени күндө сүйүп жүргөн.

Сагынамын ал күнүмдү эстесем,
Соз айтып, сен жанымдан кетпесең.
Жаштыкты эстеп күлүп алалычы,
Жакшы күндү өткөрдүк билбестен.

Ойго салып, сагынычка батырган,
О жаштыгым, кайдасың кучак жайган.
Сагынып, саргарып жашап жүрөм,
Сүйүү, жаштыгым көңүл калбаган.

## ГИТАРА

Сенин үнүн бир башкача угулат,
Сени чертип, көңүлүм мынча ачылат.
Сенин сырыңды эмнеде билсемчи,
Сенсиз жашоо, негедир кыйын туюлат.

Обон созуп сени менен ырдаймын,
Ойлонуп, кыйналып кечке турбаймын.
Гитара үнү коштосо сөзүмдү,
Олтуруп кээде неге ыйлаймын.

Сени менен өткөн күнүм бактылуу,
Сенин сөзүн ширин мага айтылуу.
Жүрөгүмдө гитар үнү жазылып,
Жашай берет, өмүр бою жагымдуу.

*Кайырма:*

Гитара сени ырдаймын,
Жашоо жыргалын баалаймын.
Жүрөктү кеткен эргитип,
Жаныңдан эч бир жылбаймын.

## ЧЫМЧЫКТЫН УЯСЫ

Бутактарда чымчыктын турат уясы,
Байкатпай учуп кетиптир баласы.
Кечки убак келип уктайт окшойт,
Карагай, талга кеткен бейм чамасы.

Жасалган, жылуудан экен чымчык уясы,
Жазарга калемдин жетпей жатат сыясы.
Чырылдап, чымчыктар айтышат эмнени,
Чынында, адам билбей кетет айласы.

Балдар, бузбагыла, чымчыктын уясын,
Бороондон коргойт экен баласын.
Чоңойсом, чымчыктарга үй куруп,
Биринчи жалдап келем устасын.

## Мазмуну

Ал мезгил ........................................ 3
Апа ........................................ 4
Айлуу түндө ........................................ 5
Алыстап кеттиң ........................................ 6
Алма бак ........................................ 7
Ата-энеге ........................................ 8
Аппак экен көйнөгүң ........................................ 9
Алыкул ........................................ 10
Алмаш энем ........................................ 12
Атаке ........................................ 13
Асман ........................................ 14
Айлуу түндө ........................................ 15
Айтчы ........................................ 16
Айылым ........................................ 18
Айтылбаган сыр ........................................ 19
Алтынчы ротанын балдары ........................................ 20
Бала кез ........................................ 21
Бир сүйүү ........................................ 22
Билесиңби ........................................ 23
Бир кезде ........................................ 24
Бар экен ........................................ 25
Бул сүрөт ........................................ 26
Балапан балдар үчүн ........................................ 27
Булак суусу ........................................ 28
Биринчи мугалим ........................................ 30
Билбей жүрөм ........................................ 31
Бөбөгүм ........................................ 32
Базарчы келин ........................................ 33
Бактылуу күндөр ........................................ 34
Кыраан жигит ........................................ 35
Гүлдөрдүн сулуусу ........................................ 37
Гүлдөр ........................................ 38
Дыйкан ........................................ 40

Энелер ........................................ 41
Эми кимге айтам ........................................ 42
Эстейинчи ........................................ 43
Эй менин тузагым ........................................ 44
Эрке сүйүүм ........................................ 46
Жашырба ........................................ 48
Жалбырактар ........................................ 49
Жалгыз сага ........................................ 50
Жылдыз ........................................ 51
Жалбырак ........................................ 52
Жүрөгүмө ........................................ 53
Жаны жыл ........................................ 54
Жаш келин ........................................ 55
Жүрөк согот ........................................ 57
Жамгыр ........................................ 58
Жаш жигит ........................................ 59
Жоокер ыры ........................................ 60
Жаштык ........................................ 61
Жамгырда ........................................ 62
Жаздын күнү ........................................ 63
Жүрөктүн ыры ........................................ 64
Жайлоодо ........................................ 65
Жүрөгүмдүн падышасы ........................................ 66
Жайында ........................................ 68
Кол чатыр ........................................ 69
Кыргызстан ........................................ 70
Кыш кечтери ........................................ 71
Кырк жаш ........................................ 72
Кардагы сүйүү ........................................ 73
Кумурска ........................................ 75
Кара-Көл ........................................ 79
Кыргыз эли ........................................ 80
Кара-Көл жайлоосу ........................................ 82
Курдашым ........................................ 83
Кыя албадым ........................................ 84
Келин келди ........................................ 85
Китеп ........................................ 86
Кудалар ........................................ 88

Классташтар ........................................ 89
Көпөлөк ........................................ 90
Кызгалдак ........................................ 91
Кат ........................................ 92
Махабат ........................................ 94
Музыка ........................................ 95
Мен жалгыз ........................................ 96
Мейкин талаа ........................................ 97
Мухаммед ........................................ 98
Мугалим ........................................ 99
Манасчы Саякбай ........................................ 100
Нота ........................................ 102
Ойлорумда сен ........................................ 103
Ойго салдын ........................................ 104
Өмүр ........................................ 105
Роза ........................................ 106
Роза гүлүн ачканда ........................................ 108
Сүйүү наздыгы ........................................ 109
Санаа кылба ........................................ 110
Сен жөнүндө ........................................ 111
Сага окшобойт ........................................ 112
Сырдуу махабат ........................................ 113
Сени эстеп ........................................ 114
Сага ........................................ 115
Сен деп ........................................ 116
Сүрөт ........................................ 117
Сагыныч ........................................ 118
Суунун жээги ........................................ 119
Сен мага ........................................ 120
Сулайман тоосу ........................................ 121
Сени сүйгөм ........................................ 123
Сагындым ........................................ 124
Сырымды айтсам ........................................ 125
Сенин ырын ........................................ 126
Сүт ак ........................................ 127
Сулуу кыз ........................................ 128
Сүмөлөк ........................................ 129
Тотомойлок ........................................ 130

Тайэне ..................................................... 132
Тегирмен ..................................................... 133
Туулган күн..................................................... 134
Таң нуру..................................................... 135
Тоонун гүлү ..................................................... 136
Той аземи ..................................................... 137
Түн ортосу..................................................... 138
Ушул кечте ..................................................... 139
Учкул сөз..................................................... 140
Улакчы ..................................................... 142
Узун жол ..................................................... 143
Бөбөгүм..................................................... 144
Чоң-Таш айылы..................................................... 145
Кыргыз тойлор..................................................... 146
Нaристе..................................................... 148
Сүйүү ..................................................... 149
Чоң атамдын күүлөрү..................................................... 150
Чабак ..................................................... 152
Шарап ..................................................... 153
Ыр куржун..................................................... 154
Ыйман ..................................................... 155
Шашылба..................................................... 156
Шамал ..................................................... 157
Шамалдан качтыңбы ..................................................... 158
Кыздын кырк чачы ..................................................... 159
Өрүк бүрдөгөндө ..................................................... 160
Тууганым ..................................................... 161
Чоң суунун суулары ..................................................... 162
Ак жаан..................................................... 163
Кыргызстан II..................................................... 164
Кайдасың жаштыгым ..................................................... 165
Гитара ..................................................... 166
Чымчыктын уясы..................................................... 167

200-00


*Көркөм-адабий басылма*

**Кайирбекова Жамиля**

**ЖҮРӨГҮМДҮН АЧКЫЧЫ**

Компьютерде калыпка салган *Р.Терибаева*

Басууга 18.11.2016. кол коюлду.
Көлөмү 10,75 б.т. Нускасы 2200.

---

«Улуу Тоолор» басмасында басылды.
Бишкек ш., Ж.Абдрахманов көчөсү, 170 "А"



Кайырбекова Жамила 1973-жылы Кара-Көл шаарында туулган. Бала чагы Чоң-Таш айылында өткөн. Кыргыз Республикасынын "Элдик коом" университетинин филиалында окуган. Эки кесипти бирдей алып жүрөт. "Ачык сөз", "Жетиген", "Кара-Көл нуру" газеталарына көптөгөн поэзиялык чыгармалары чыгып келе жатат. Чыгармачылык өнөрү 2-класстан "Байчечекей" журналынан башталган. Музыкага, ырларга өтө жакын. Чыгыш поэзиясына кызыгат. "Жүрөгүмдүн ачкычы" жана дагы жакынкы арада "Ак жолтой", "Сен жөнүндө, "Зулайканын сүйүүсү" деген чыгармалардын автору болгону турат. Өзүнүн жеке жашоосунда сыйлаган акындары көп. Айта кетсек: Бактыгүл Чотурова, Бурулкан Карагулова, Ш. Дүйшеев. Казак эл акыны Мухтар Шаханов. Дайыма акын-жазуучу ага-эжелери менен баарлашып турат.